

**Айтимбетова Мырзайым Кенжебековна**

Жалал-Абад областына караштуу Чаткал районунун Канышкыя айлында 1993-жылы 21-майда жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөдө 1 уул, 2 кыз, эгиздин түгөйү. 2000-жылы Кайынсуу орто мектебинин босогосун аттап, 2009-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы 2009-жыл Ош шаарындагы Торговый колледжинин Менеджмент жана Финансы факультетинин «Салык жана салык салуу» адистигине тапшырып 2012-жылы кесиптик атайын орто билим менен аяктады

Мырзайым Айтимбетова Кыргыз Республикасынын «Жазуучулар союзунун» мүчөсү, Казак Республикасынын Алматы шаарында түзүлгөн «Адабият ааламы» адабий ийримдин мүчөсү. Алган сыйлыктары: обонго жазылган «Жаңы жыл» деген ыры менен 2015-жылы Баластан каналынан «Баш байгенин» ээси болду. 2016-жылы Казак Мисс фирмасы тарабынан уюштурулган «Турмуштагы корпоративдик баалуулуктар» сынагынын «Баш байгенин» ээси. 2016-жылы Республикалык деңгээлде өткөрүлгөн жаш акындардын «Мекенге таазим» фестивалынын сынагынын 1-орундун жеңүүчүсү.

МЫРЗАЙЫМ АИТИМБЕТОВА

# БАШ ТАРТПАС ЖОЛ



УДК 821,51
ББК 84 ки 7-5
А 37

**Демөөрчүлөр:**
Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, аким **Эшалиев Канжарбек**
Жеке ишкер **Сулайманов Дастанбек**
Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Ардактуу консулу **Мырзабаев Кадырбек**
Жеке ишкер **Мырзаяров Нурланбек**

**Айтимбетова Мырзайым**
А 37 **Баш тартпас жол.** Ырлар. - Б.: 2017. - 120 б.

**ISBN 978-9967- 9060-4-4**

А 4702300200-17
УДК 821, 51
ББК 84 ки 7-5
ISBN 978-9967-9060-4-4
© Айтимбетова М., 2017.

## БУРУЛУШТАГЫ БУРГАНАК ОЙЛОР

*Каалгасы абдан эскирген экен,*
*Кароосуз калган деп билген экен.*
*Кагылгбай анын мыктары дурус,*
*Кара курт баарын жеп кирген экен.*
*Жанылып кирген мен ошол жерге,*
*Жарыктар өчүп кеч кирген экен.*

*Бул Мырзайымдын "Жалгыздык жана анын бөлмөсү" аттуу ырынан үзүндү. Автор ал бөлмөдөн кордолгон сагынычты, том том болгон үмүттөрдү, сепили урап кыйраса дагы өлбөгөн сезимдерди, томсоруп калган кызганычты жолуктурат. Жалгыздыктын бөлмөсү жаш акын кызыбыздын жан дүйнөсүнө жалын ыргыткандай, от ыргыткандай дүрбөлөң түшүрөт. Албетте дал ушундай кырдаалда, учуп келген саптар чыныгы чыгармаларга айланышы мүмкүн. Жазында сайдын жээгинен ашып-ташып аккан суудай, бурганактаган ички сезимдерди, ушул саптардан байкоого болот. "Ойгондум ойлондум" аттуу ырында..*

*Мээрим төгүп баарынан корусамкен,*
*Менда ооруйм кокустан оорусаң сен.*
*Арал бойлоп от кармап баратыпсың,*
*Ал түшүмдү эмне деп жоорусамкен. -дейт.*

*Автордун ырларынын баардыгы, сүйүү темасына байланышкан. Ал сүйүүнү артып алып, Меккеге жөө*

*кеткиси келип, көөдөндөгү үнүн көп үшкүрүк ыр кылып, көптөгөн кылдар көйнөктөй жыртылганын айтат. Текчеде жаткан ырлардын каарманын таппай калганына кейийт.*

*Армандын көрдүм кысымын,*
*Арзуунун сездим ысыгын.*
*Кусанын желе чок болуп,*
*Куйкалап келет ысымың.*

*Негизи жер шарында сүйүүнүн темасына кайрылбаган, бир дагы акынды таппайбыз. Бирок ошолордон өзгөчөлөнгөн жаңы ой таптыбы, айта алдыбы кеп ошондо. Мырзайымдын ырларында жалт экен жаңы ойлор бар. "Милдет" аттуу ырында автор кечээги Каныкейдин учугу, Курманжан Датканын бүгүнкү элеси жана ак найзанын айбатына жеңилбес Жаңыл Мырза, Сайкалдын дал өзү экенин даңазалайт. Кыргыз улутун жан дили менен сүйгөндүгү үчүн, кан жанын сууруп бергенге даяр экенин айтат.*

*Калп сыйдын казанынан отту тартып,*
*Калкимдын көтөрөйүн жүгүн артып.*
*Кан болсун, Казы болсун, Улук болсун,*
*Качпаймын акыйкаттан жүзүм жалкып.*

*Бул акын кызыбыздын "Чындык үчүн" деген ырынан үзүндү. Негизи чындык жөнүндө жазбаган акындарды жолуктуруу кыйын. Себеби ар бир адам акыйкатсыздыкка сөзсүз жолугат. Албетте ар бир адам акыйкаттан жалт берип качпаса, жер жүзүндө башкача турмуш болмок.*

*Мен авторго ушул көз карашынан өзгөртпөөсүн каалар элем. Ыраматылык Тургунбай Эргешов "Чындыктын чыркыраган жетимимин" деген бир ыр жазды эле. Калпычылар, эки жүздүүлөр өтө көп болгондуктан, чындык толгондон азайып, акыйкат жетим калгандыгын айткан эле. Аталган тема түбөлүктүү. Жер шаарында адамзат жашап турганда, калп менен чындыктын күрөшү бүтпөйт. Калп тарап дайыма көп болот, бирок чындык баш ийбеген көк болот.*

*Жашып турсам кыялыма жеткирдиң,*
*Жаңыладың жыртылганын эскимдин.*
*Кара кызың сени жыттап ойногон,*
*Карачы ата бой жеткенин эх чиркин.*

*Автордун атасына арнаган ыры мага аябай жакты. Реалдуу турмуш жөнүндө сөз болуп, ошол эле учурда романтикалуу ойлорго бай. Акын кызыбыздын апасына арнаган ырлары да мактоого татыктуу деп эсептейм. Ыйман адеп, маданият дегендин өзү дал ушул ата-энеге жасалган жакшы мамиледен башталат эмеспи.*

*Кыскасы Мырзайымдын алгачкы ырлар жыйнагы, кыргыз поэзиясына элге айта турган жаны ойу бар талантттуу көрөңгөлүү акын келгендигин айгинелейт демекчимин.*

*Кыргыз эл акыны.*
*Токтогул атындагы мамлекеттик*
*сыйлыктын лауреаты.*
***Карбалас Бакыров.***

**КАЛКЫМА БАЯНДАДЫМ**
**БАР СЫРЫМДЫ,**
**КАЛЕМ ТАМЫР, А КАНЫМ**
**СЫЯ БОЛУП.**



## КЫЗЫККАНДАР КИМ ДЕСИН

Дүйнө таптым аурасы туп-тунук,
Дүкүлдөгөн жүрөгүмдү уктуруп.
Эми аны биле баштайм кыйбас деп,
Эки сөзгө кошулганды сырдаш деп,
Жүргөн экем убактымды уттуруп.

Көксөгөнүм мени таштап кетпесин,
Көңүлдөрдүн толуктаган текчесин.
Өмүрдө көп кереметтер болсо да,
Өзгөчөлөр купулума толсо да,
Өзүнө эч ким, өңүнө эч ким жетпесин.

Ал мага чындап келди жоготпойм,
Ага кээде ачылам да шолоктойм
Каалаганын жүрөгүмө аткартып,
Кагазымды, каламымды башкартып,
Кадырлуумду өмүр бою коноктойм.

Ырдап калсам мени менен сүйүнөт,
Ыйлап калсам шактарынан күбүлөт.
Сагынганда мени катуу шаштырып,
Саптарымды кадимкидей бастырып,
Салаалардан кулун сымал жүгүрөт...

Ал асылым ооруганды билбесин,
Аяйм аны, ага бороон тийбесин.

Эртеңкибиз ооба билем күмөндөй,
Эркелиги менден такыр түгөнбөй,
Эки дүйнө барагымда бийлесин...

Бийлесин, ооба бийлеп тынбасын,
Билегимде, жүрөгүмдө жыргасын.
Мен сен үчүн күн кечирем жан үрөп,
Мен жыттанып жүрөөрүң чын, а бирок,
Мейкин чийген калам учу сынбасын.

Эргиттиң да, толкуттуң да бүгүн сен,
Эх кантейин, айрымдардан түңүлсөм.
Жалгыздыкка жалгыз өзүң таштабай,
Жамгыр тийип жашып турган бакчадай,
Жалжал көзүм, жарык сөзүм, үнүм сен.

Ал "Поэзия" артык менин жанымдан,
Асманында оттору бар чагылган.
Көөдөнүмдө көк деңиздей бар болуп,
Көлөкөсүз көздөн учкан жан болуп,
Көргүм келсе каалаганда табылган.

Дүйнө таптым аурасы туп-тунук,
Дүкүлдөгөн жүрөгүмдү уктуруп!!!

*18-июнь, 2016-ж.*

## АЙЫРМАМ ЭМНЕ

Жүрөгүм сенден түңүлүп турат,
Жүздөгөн суроо үйүлүп турат.
Дартымдын анык өңүндөй болуп,
Дарактар сыртта кубулуп турат.

Санаамдын дайым бири сен беле,
Сагыздай ээрип, ирисем деле.
Сага мен чындап маанисиз окшойм,
Саргайып жүрүп чирисем деле.

Көөдөнүм муздап, калтырап, тоңуп,
Көздөгү жаштар аргымак болуп.
Кумсарган жүздөн чуркашып далай,
Куладым канча жалбырак болуп.

Буюккан жанга не керек депби,
Булуттар коштоп себелеп кетти.
Көзүнө күндөй чагылып турсам,
Көөдөнү сокур тебелеп кетти...

Жалбырак элем үзүлүп түшкөн,
Жанымдан ал деп түңүлүп түшкөн.
Бүчүрүм барда бутакта элем,
Бүлүнүп кеттим кубулуп күздөн.

Жүрөктү өйкөп сайылган эмне?
Жүлүнгө түп-түз жайылган эмне?
Күндөрүм минтип саргайып жатса,
"Күз менен менин" айырмам эмне?!

*8-декабрь, 2016-ж.*

## ЖАЛГЫЗДЫК ЖАНА АНЫН БӨЛМӨСҮ

Ажырап, сынып, кесилип бүттүм,
Арзыган күндөн кечигип бүттүм.
Эркеси башка түгөйлүү жанды,
Эмнеге билбейм кечирип күттүм.
Бакыттын эмес, азаптын азыр,
Байкабай барып эшигин түрттүм.

Каалгасы абдан эскирген экен,
Кароосуз калдым деп билген экен.
Кагылбай анын мыктары дурус,
Кара курт баарын жеп кирген экен.
Жаңылып кирген мен ошол жерге,
Жарыктар өчүп, кеч кирген экен.

Айтылчу ойдун кыйласы калып,
Аландап турам кыйбасым анык.
Атайын бирөө кылгандай болуп,
Азаптын баарын жыйнашып алып.
Өксүгөн мында "Сезимдер" жүрөт,
Өгөйлүү жандай ыйлашып алып.

"Сагыныч" көрдүм кордолуп калган,
Саамайы бир аз шор болуп калган.
Үлгүрөп аны, сооротгон өңдүү,
"Үмүттөр" жүрөт том болуп арман!
Кыялы жетим дербиштей болуп,
"Кызганыч" турат томсоруп калган.

Бөлмөнүн ичи бөлмөдөй эмес,
Бөлөктөр керип көргөндөй эмес.
"Жалгыздык" баарын чогултуп алып,
Жандуулар көңүл бөлгөндөй эмес,
Сепили урап кыйраса дагы...
"Сезимдер" бирок өлгөндөй эмес.

Чоочулап бир аз корккондой турам,
Жылтырап көзүм чоктордой улам.
Өчөөрүн бир күн сездирип мезгил,
Өлүмгө жанды тоскондой турам.
Өмүрүм мени чайпаган кезде,
Өзүңө неге жоктолбой турам...

Боз туман каптап туна албай калдым,
Боздогон тоодо улардай калдым.
Суу жетпей такыр кагайып калган,
Сумсайган байкуш чынардай калдым.
"Жалгыздык" деген "Бөлмөгө" кокус,
Жаңылып кирип чыгалбай калдым.

Баарысын кетчи дарылап бүгүн,
Бактылуу азыраак күнүм.????
Эсиме түшүп өрттөнүп жатам,
Эми ушул жерден табылат күлүм.
Караңгы бөлмө, чаң баскан жерде,
«Кайдасың?» десем жаңырат үнүм.

*3-июль, 2016-ж.*

## ТҮШҮНДҮРЧҮ...

Тосуп жатсам кечирээрсиң бактыңы,
Толбой калды сүйүү сунган ак чыны.
Түн оронуп келбей калдың сүйгөнүм,
Түшүндүрчү башка бирөө жактыбы?!

Махабатым, жароокерим, кеңешчим,
Маанайың жок баштагыдай эмессиң.
Жашырбачы бүгүн баарын ачык айт,
Жаным сени арбап жүргөн элес ким?

Жапжакшына мамилени бузбаган,
Жан болбойлу сезимдери муздаган.
Мен өзгөгө бербейм сени дечү элең,
Менда сени дал ошондой кызганам.

Тосуп жатсам кечирээрсиң бактыңы,
Толбой калды сүйүү сунган ак чыны.
Түн оронуп келбей калдың негедир,
Түшүндүрчү башка бирөө жактыбы?

*24-апрель, 2015-ж.*

# САГА ЭБАК ЖОЛУКСАМ НЕ

Кан уюган жүрөктү козготтурдуң,
Кайгыртпай дүйнөмдү коздоп турдуң.
Катыгүн, сага эбак жолуксам не?
Кайдагы бирөө үчүн боздоптурмун.

Жанымды жарга кырчып канатыпмын,
Жанчыпмын, эзипмин жара сыктым.
Көрө албай жашоодон сендейлерди,
Көзүмдү көр кылып баратыпмын..

Өзүмдү өртсүз жанга теңептирмин,
Өмүрдү өксүк менен ченептирмин.
Аттин ай, мен деп канча кыйналасың,
А балким сага чындап керектирмин.

Сезимдерди сестентип үркүтпөйүн,
Селдей аккан жашыма чүмкүтпөйүн.
Сезе албаган башкалар мүнөзүмдү,
Сен гана түшүнөөрсүң бүткүттөйүм.

Тагдыр мени көп жолу сынап койгон,
Таарынычты жүрөккө кынап койгон.
Жылуулугуң эми "Жан" -үшүттүрбөй,
Жылдар өтсүн ушинтип ынак бойдон.

Кан уюган жүрөктү козготтурдуң,
Кайгыртпай дүйнөмдү коздоп турдуң.
Катыгүн, сага эбак жолуксам не,
Кайдагы бирөө үчүн боздоптурмун.

*18-август, 2015-ж.*

# СҮЙҮП КАЛГАМ...

Кетпегеним, оюмдан чыкпаганым,
Кемтигимди көрбөгөн, укпаганым.
Сени бүгүн сагынып ыр жазайын,
Мени бүгүн түш көрүп укта жаным.

Эмне десең баарына кошуламда,
Эзилгениң көзүңдөн окуганда...
Түбөлүгүн эске алып бул сезимдин,
Түшүмбү деп кетемин чоочуганда.

Күмөнүм жок мен сени сүйүп калгам,
Күндөр өткөн булактай тунуп калган.
Кулап түшкөн жашыман аппак болуп,
Кусалыгым айрандай уюп калган.

Жаралуулар жанына кошот мени,
Жапысынан ойлордун бошот мени.
Калдалактап баратам максатыма,
Кандай тагдыр билбеймин тосот мени.

Кожоюну өзүң бол түнөгүмдүн,
Кокусунан жактырган күнөөлүүңмүн.
Өмүр өтүп кетпесин арман менен,
Өксүгөнү басылбай жүрөгүмдүн.

*12.06.2017*

## ШЫБЫР СЕНСИҢ

Сени көптөр сөз кылат, айланамда,
Сен менин ыр жазууман пайдаланда.
Бир таарынсаң токтобой кетип калып,
Бирге болуп жанымда кайра калба...

Же болбосо кээ кезде таарынтып тур,
Же баягы оюңдан жаңылтып тур.
Айтор мени башкача күнгө таштап,
Атайылап издетип сагынтып тур...

Жамалыңдын нурларын сиз деттирип,
Жашыл жазда, жашоомо күз келтирип.
Баш бербеген ойлорго толгот мени,
Барак менен калемди издеттирип.

Чер жазышсын чекеден ыр уккандар,
Чек арасыз саптарда кызыктар бар.
Кандай адам экен деп суроо салып,
Каарманыма көп билсең кызыккандар.

Каарманымды кайрадан сөз кылдырып,
Карааныңды күтүүдөн көз жыртылып.
Китеп кылып бүтпөйүн дарым сени,
Ким экениң айтуудан сөз кыркылап...

Ансыз деле купуя сырым сенсиң,
Азыр дагы, эртең да шыбыр сенсиң.
Бүт уйкумду качырган түн жарымда,
Бүйүрүмдү кызыткан кыйынкенсиң.

Шарпылдаган деңиздин шарысында,
Шамалдаса көңүлүм дарысың да.
Канча деген ырларга себеп болдуң.
Тарыхымда каласың тарыхымда...

*26.05.2017*
*05:35*

## ТАНДООҢ

Тагдырга минтип сындалсам дагы,
Таалайсыз күнгө чырмалсам дагы.
"Бактылуу болсоң өкүнбөйм" дедиң.
Баары бир ичтен кыйналсаң дагы.

Ал сенин ооба танбаган катаң,
Алыста калсын сандаган капам.
"Бактылуу болсом" кантесиң билбейм,
Башканын колун кармаган жатам...

Кызганчаак элең аныңды ойлоп,
Кыйла күн күткөн таңымды ойлоп.
Акыры сенден бөлүнөт окшойм,
Адамдай жерде барымды ойлоп.

Тилегиң жерге көмбөсөң болду,
Тирүүлөй туруп өлбөсөң болду...
Ак көйнөк кийген, бактылуу кызды,
Ай өтпөй жолдон көрбөсөң болду.

*19-апрель, 2017-ж.*

## КАЙТАЛАЧЫ

Сен турмушта эч качан өксүбөчү,
Сен турмуштун бакытын көп тилечи.
Жаңырайын өмүрдүн шаңын тосуп,
Жашып жүргөн күндөрүм өттү дечи.

Асманымда булут жок ачык дечи,
Албууттанып жатамын ташып дечи.
Мейкин кезип дүйнөдөн араң тапкан,
Мен издеген дал ушул бакыт дечи.

Махабатка айланган кечим дечи
Магдыраткан акылым,эсим дечи.
Өзгөрүлгүс эч качан ушул бойдон,
Өзүм койгон акыркы чечим дечи.

Тагдырыңдын таштарын талкалачы,
Татыктуусуң ырыман таркабачы...
Дабышыңдан тоо урап, зоо куласын!
Мен бактылуу болом деп кайталачы?

Ошондо мен арман ыр жазбай калам,
Ошондо мен ардагым жаздай калам.

*12.02.2017*
*21:58*

## ЭХ....!

Муздагына таңдардын түтүп жүрөм,
Мурдагыдай жылыбай үшүп жүрөм.
Кемисе да жашоомдун тузу канча,
"Келем" -деген сөзүң бар, күтүп жүрөм.

Андан бери көп суулар агып кетти,
Алдастадың айталбай анык кепти.
Күттүрүп сен жолуман кезиккенче,
Күндөр мага далысын салып кетти.

Тамырында запкы бар жарааттудай,
Тамчылаган жаштарым агат суудай.
Эмне деген жерлерге барсам дагы,
Эч нерсеге койдум го, алаксыбай...

Тоолор кулап, мөңгүлөр эридиби,
Тоодой болгон бакытым кемидиби.
Жазганымды чекеге сүрүп салып,
Жакшы көргөн адамым жеридиби?!

*2-февраль, 2017-ж.*

# СЕЗИМДЕРДИН ДОКТОРУ

Сен аркылуу көп көйгөйдү унуткам,
Сен аркылуу балкыгым бар улук жан.
Мен сагынып баарлашкым келгенде,
Сен бошобой жүргөн кезиң жумуштан.

Сен аркылуу капам тарап буулуккан,
Сен аркылуу  жолду тапкам туюктан.
Эч кимде жок касиет бар өзүңдө,
Элесиңди ырга кошуп уюткан...

Сен аркылуу таасир алып тунуктан,
Сен аркылуу тазарамын тунук жан.
Сүрөтүңдү миң кайталап көрөмүн,
Сүйлөөчүдөй бир сырыңды туюнткан.

Сен аркылуу сөз түшүнөм дудуктан,
Сен аркылуу ийне көрөм кудуктан.
Сен мен үчүн "Сезимдердин доктору",
Сендейлерди көрө элекмин улуттан.

*23-декабрь, 2016-ж.*

# ОЙГОНДУМ, ОЙЛОНДУМ...

Башатысың сабымдын кулабаган,
Баштап алам ырымды курап анан.
Жарым түндө ойготуп түшкө кирдиң,
Жакшысыңбы жаныма ынак адам?

Чалайынбы? Жок уйкуң бузулат ээ?
Жазайынбы? Жүзүңөн нур кубулат ээ?
Жок сенин тынчыңды албайынчы,
Жүрөк үнүм, жүрөгүңө угулат ээ?

Улуу түндө... уйкуда бараткамын,
Ушул күндө мен кайсыл тараптамын?
Убактыңды үнөмдөп өзүң үчүн,
Убагында суранам тамактангын...

Мээрим төгүп баарынан корусамкен,
Мен да ооруйм, кокустан оорусаң сен.
Арал бойлоп, от кармап баратыпсың,
Ал түшүмдү эмне деп жоорусамкен!..

*10-сентябрь, 2016-ж.*

## ЖАРЫК ЖАН

Кылы дагы жолобой бурганактын,
Кымбатым сен кайгырбас жылдар аксын.
Өмүрүмдү тобокел кылып азыр...
Өзүмдөн да сени ойлоп кыжаалатмын.

"Мен ыр жазып ар түрлүү" барагыма,
Сен көнө албай мен айткан талабыма.
Катар баскан кадамдар айрылышты,
Кар түшүп сенин жарык кабагыңа!..

Жарыгым, жарык элең... бүркөлбөчү,
Жашыган, жашыттырган күн көрбөчү.
Жартыны толук кылат эки жарты,
Жашоонун кызыктай ээ бул төлгөсү.

Мен да каалайм сүйүүдөн айыкканды,
Мезгил менден алчуусун алып калды.
Мээрим толгон сүйүүмдү унутпа сен,
Мен ыр кылып жүрөйүн жарык жанды.

Кантип жүрөк буулукса туйлабасын,
Кантип карек кайгырса ыйлабасын.
Билегиңди ургулап, жүрөгүңдү...
Билем сен да билдирбей кыйналасың.

Жаштыгыңды жакшы күн оросун ээ,
Жарык жансың, жакшы гүлгө конosуң ээ.
Сол тарабым сооротуп жашатайын...
Сөз берчи? Сен бактылуу болосуң ээ?!

*1-сентябрь, 2016-ж.*

# КӨРГҮҢ КЕЛИП ЖҮРГӨНДҮР

Жаратыма табылгыс дабасыңбы,
Жашым тамган толкунга агасыңбы.
Жан дүйнөмү эргиткен асыл адам,
Жайкы Көлгө мен менен барасыңбы?

Байырлап алган сымал от териме,
Балыктар жылынсын чок демиме.
Жүзүн көрүп качанкы тарыхтардын,
Жүр эс алып келебиз Бостериге...

Жаратkандын жап-жалгыз нак белеги,
Жакшы жерде жаныңа дарт келеби.
Көөдөнүңдү көксөтүп өзүң деле,
Көргүң келип жүргөндүр Ак кемени.

Жамгыр төгүп суу акты бүгүн шаардан,
Жаңырууну тосоюн үрүл таңдан,
Бир убакта жашоомдун көркү болуп,
Бирок менин ал жерде сүйүүм калган.

Жаңыртып албаш үчүн жаратымды,
Жайкы Көлгө мен менен барасыңбы?

*22-июль, 2016-ж.*

# ДАРЕГИНЕ БАРА БЕР

Байкабадың, сезбедиң да, туйбадың,
Баары менде баары менде турганын.
Толтура албай жүрсөң керек азыр ээ,
Тоодой сүйүү тиленгенде кумганың.

Аянычтуу азыр мынча абалың?..
Аттиң мага өтпөй калган талабың.
Үзүлгөнүн мамиленин билсең да,
Үшкүрүнүп үмүттөнүп карадың.

Дайра болсоң толкуп ташып ага бер,
Даңгыр жолуң... дарегиңе бара бер.
Түштөн кийин мага эмне керегиң,
Ташың терип, арыгыңды чаба бер!

*25-июнь, 2016-ж.*

# КАЙРЫЛЫПСЫҢ

Мээримдердин мээрими кепте болот,
Менден алып жүрөккө сепсе болот.
Мендеги бул СҮЙҮҮНҮ артып алып,
Меккеге да жөө жүрүп жетсе болот.

Сен барктабай кеткениң ырас болду,
Сезимдерге жагымдуу "класс" болду.
Эми келчү чыныгы махабатка,
Эч ким ээлеп ала-алгыс мурас болду.

Эстебесем... эстелип пайда болдуң,
Эңсегенде табылбас жайда болдуң?
Мендеги бак жыпарын чачып турса,
Менден учуп ошондо кайда кондуң?

Жигит деген жашыса айтпачу эле,
Жигит деген тизгинин тартпачу эле.
Жолуңдун жарымынан кайрылыпсың,
Жолборс деген изинен кайтпачу эле.

*28-июнь, 2016-ж.*

## УЧУР ЧАК

Мен бирөөгө, мага бирөө таарынды,
Мен бирөөнү, мени бирөө сагынды.
Жалындары от болуп,
Жашоо өзү токтолуп,
Кетүүчүдөй сезчү элем да анымды.

Мен бирөөнү, мени бирөө жактырды,
Мени таппай, мен таба албай бактымды.
Көксөп жүрүп жолуккан,
Көөдөндү эзип ооруткан,
Мезгилиме, мендик көңүл бат сынды.

Мен бирөөнү, мени бирөө кызганды,
Менден бөлөк, менден сулуу кыздарды.
Көрбөй өтүп келиптир,
Көп үмүттү бериптир,
Көкүрөктөн ээриткендей муздарды.

Бул көрүнүш көпкө узабай эскирди,
Бул көрүнүш таң болду да, кеч кирди.
Ага чексиз ашыгып,
А башкадан жашынып,
Мен сүйө албай калган окшойм эч кимди.

Балбан сезим батпай ичке булкунду,
Бапестешет кимдер айтсам бул сырды.

Менин дүйнөм тумандап,
Мээрим өчүп улам бат,
Мен жоготком мурункудай уйкумду.

Көөдөн үнүн, көп үшкүрүк ыр кылды,
Көп кыялдар көйнөгүмдөй жыртылды.
Таштап аны кете албай,
Табышмагын чече албай,
Тагдырымдын тамырлары кыркылды.

*30-май, 2016-ж.*



# ЫРДА КАЛГАН БАКТЫЛУУМ

Моюнга алдым ашыктыгым танбадым,
Мени өксүтөт сендик болбой калганым.
Бир топ ырлар жатат азыр текчемде,
Бир кездеги таппай калып каарманын.

Бактым болуп сезилчү да кечегим,
Баскан окшойм балким кайгы этегин.
Эми таанып, эми туюп жатпаймбы,
Экөөбүздүн "Эсил жылдар" экенин! ..

Арзып тапкан кыялдарым бүт өлүп...
Азыр сен жок ойлор курчайт бүдөмүк.
Карааныңды көрсөм ысып кетчүмүн,
Катмар-катмар жүрөгүмдөн муз ээрип.

Түбү терең, чексиз эле жактыруум,
Түн кучактап жүрөгүмөн акты муң.
Ысымыңды кантип эми унутам,
Ырда калган, сырда калган бактылуум.

*2-май, 2016-ж.*

## КУСАЛЫК

Чынында мыкты жансың да,
Чыгарма болдуң канча ырга.
Жоготкон менен жашоомон,
Жомокто дайым барсың да.

Армандын көрдүм кысымын,
Арзуунун сездим ысыгын.
Кусанын жели чок болуп,
Куйкалап келет ысымың.

Сагыныч дартын билесиң,
Санаамда бийлеп жүрөсүң.
Түңүлтпөй мени эстүү жан,
Түштөргө кээде киресиң...

Арылбай келем куйүттөн,
Айрылгым келбейт үмүттөн.
Алты өмүр чексиз кубанам,
Алдыман чыгып сүйүнтсөң.

Дареги болбой бактымдын,
Дарексиз кетсең бат сындым.
Өзөктөн жанды туйлатып,
Өзүңдү катуу жактырдым.

Көөдөнгө уюп толгонум,
Көксөөнүн кыркчы торлорун,
Чачырап сынып тилектер,
Чаташкан баардык жолдорум.

Багытты албай тууралап,
Баратам кайгы кубалап.
Билиги жанбас күндөрүм,
Билбеймин канча уланат...

*7-апрель, 2016-ж.*



## БАЛКИМ МЕН

Балким мен балкыган бал боломун,
Балким мен бороондоп чаң боломун.
Баатырым баардыгын унута албай,
Балким мен бактысыз жан боломун.

Балким мен соолуган чөл боломун,
Балким мен башкача көл боломун.
Баатырым басылбай ыйлай берсем,
Балким мен бир күнү көр боломун.

Балким мен бүчүрсүз тал боломун,
Балким мен ошол, тигил, ал боломун.
Баатырым азабың көтөрө албай,
Балким мен баса албай шал боломун.

Балким мен баарынан кем боломун,
Балким мен баркыңа тең боломун.
Баатырым түшүнүп кыйнабачы,
Балким мен баягы сен боломун.

Балким мен токтоосуз шар боломун,
Балким мен дүйнөңдө бар боломун.
Баатырым, Баатырым, Баатырым ай,
Балким мен башкага жар боломун.

Балким мен сүйүүгө кас боломун,
Балким мен кайрадан жаз боломун.
Баатырым бул өмүр менчик эмес,
Балким мен жашоодо аз боломун.

*27.07.2015*
*07:10*

## ЭХ ЖАНЫМ...

Мен ойдун тереңин казбай калдым,
Мен артта кечеги жаздай калдым.
Бактымды колумдан учургансып,
Баракtап ырларды жазбай калдым.

Жүрөктөш көпүрөгө өтпөй калдым,
Жүзүмдөн нурумду төкпөй калдым.
Жашымдын тамчысы көлгө айланып,
Жарыгым аз жерден чөкпөй калдым.

Эскирип тытылган барак болдум,
Эх жаным, керексиз жарак болдум.
Кайрадан өзүңдү эңсеп, куурап,
Кайгымдан чириген дарак болдум.

Мезгилдин көргүм жок кызыктарын,
Мен азыр өрт кечээр сызыктамын.
Эчен жан коштоп мени жүрүшсө да,
Эч кимге чынын да кызыкпадым...

Торуна кусалыктын камалдымбы?
Тоосуна сүйүүнүн баралдымбы?
Сагынып жүргөнүм аздык кылып,
Сага мен жетпеш үчүн жаралдымбы?!

*24-июнь, 2015-ж.*

## ТӨРТ БОЛДУ...

Эмнеге билбейм ашыктым,
Эзилип абдан жашыпмын.
Токтоно албай элирип,
Толкун сымал ташыпмын.
Бактыңды эчак тапсаң да,
Баары бир сага ашыкмын.

Жашоомдон дагы кымбатсың,
Жазыла элек ыргаксың.
Жалпы да жок мүнөзүң,,
Жан дүйнөмдү жыргатсын.
А сен эгер шам болсоң,
Ар дайым үйдө турмаксың.

Жашасын сүйүүм кылымга,
Жалындуу сапка жылын да.
Мен жазып такыр бүтө албас,
Мээримиң калсын ырымда.
Сендей жанды кыргыздан,
Сейрек көрөм чынында...

Сүрдөнөт сенден мен тургай,
Сүйүүмдү жазган калемим.
Үмүткө бүлбүл шам болуп,
Үлбүрөп турат карегим.

Үн катпай азыр бармакмын,
Үйүңдүн билсем дарегин.

Карааның менен "Баатырым",
Кадимки жашоом көрк болду.
Камынып жүрөм, зарыгып,
Кармасам деп өрт колду.
Түбүнө ойдун жете албай,
Түнкү саатым төрт болду...

*14-апрель, 2015-ж.*



## КӨҢҮЛДҮ БУРДУҢ
### *(тамашалуу ыр)*

Азабың тартам түңүлбөй,
Ак сүйүүм такыр бүлүнбөй.
Ажайып кооз келбетиң,
Олигархтын "ҮЙҮНДӨЙ"...

Керемет түзүк таң келбей,
Кең дүйнө мага тар жердей.
Апкарам сүрүң көргөндө,
Алдыман чыккан "ХАММЕРДЕЙ".

Турушуң сенин Тайсондой,
Тушадың жарым ай болбой.
Көңүлдү бурдуң өзүңө,
Көпчүлүк сүйгөн "АЙФОНДОЙ".)))

*30-март, 2015-ж.*

## КЕЧИРИМИН КЕЧ ЭМИ...

Кайрылбаймын өткөнүмө жоготкон,
Каалоомдун да чек арасын чектедим.
Уучка толбос күндөрүмдүн ичинен,
Удургуткан махабатты эстедим.

Уча албагам канатым жер чапкылап,
Уясына өзүң салган дарактын.
Деңизинде куса жутуп калганмын,
Күн кызарып батып кеткен тараптын.

Бүтпөй айтып айрылуунун ызаасын,
Булбул үндүү көмөкөйүм ачпадым.
Сен жок үчүн катарымда караандап,
Барагымды айрып отко таштадым.

Көңүлүмдүн ээлеп алып бир четин,
Турсаң дагы өкүмүңдү жүргүзүп.
Сүйө албаймын баштагыдай мен эми,
Мен сүйүүнү өрттөп бүткөм күйгүзүп.

Жал ооруба, кечиримиң кеч эми,
Келээриңди билип жүргөм кайрылып.
Кейибеймин калган үчүн бүгүн мен,
Өзүң берген кор сүйүүдөн айрылып.

Эстебе эми, эртеңкимен алыс бол,
Мен кайрадан март эмесмин көңүлгө.
Келээр күнгө жалаң бакыт тартуулап,
Мен бактылуу болгум келет өмүрдө.

*28-февраль, 2015-ж.*

## КАНДАЙ ЖАНСЫҢ?!..

Кимсиң сен кандай жансың,
Күн менен батып келген.
Түңүлгөн сезимдерге,
Күн нурун чачып келген.

Кимсиң сен кандай жансың,
Сыр болгон табышмагым.
Санаага бөлөп жүргөн,
Садагам алыстагым.

Кимсиң сен кандай жансың,
Түшүнбөйм абалыңды?
Түңүлбөй өзүң келген,
Түндөрдү санадыңбы?

Армандар каптап жүрсө,
Ар күнү терезеmde.
Ашыктык ырын ырдап,
Ансайын келе бербе.

Үнү да муңдуу чыгат ,
Гитара кылдарыңдын.
Өткөнүн эске салат,
Өксүгөн жылдарымдын.

Көңүлүм толуп барат,
Күүлөрүң уккан сайын.

Кимдигиң биле албай,
Күнүгө уктайм дайым.

Тоо булактай агылган
Токтогонсуйт ый дагы
Гимни болду жүрөккө,
Гитараңдын кылдары.

Кимсиң сен кандай жансың,
Суроомо жооп аламбы?
Санаалар ороп жүрөт,
Сагынтып жок адамды..!

*20-апрель, 2015-ж.*

## НЕГЕ ЧАЛДЫҢ...

Капилеттен чоочугансып түшүңөн,
Кайра неге мага чалып жатасың.
Катып койгон калптарыңдын баягы,
Түгөтө элек, белең али запасын?!

Оюң менен болсом дагы ар дайым,
Оо, азыр сен, кимдир мага бирөөсүң.
Далили жок сөздөрүңдү тажабай.
Дагы деле неге айтып жүрөсүң?!

Жазгың келет жүрөгүмдүн бүктөмүн,
Менден эми эч жылуулук күтпөгүн.
Ачык айтчы сагындыңбы дейсиң да,
Мен сагынып сени качан бүткөнмүн.

Жомокторуң бейиш сымал туюлду,
Жоготпочу ордуң билип сыйыңды.
Керек кезде бере берчүү кайрадан,
"Менин сүйүүм" сага эмне буюмбу?!!

*2-февраль, 2015-ж.*

## ТУН СҮЙҮҮМ

Өткөн менен канча жыл арабыздан,
Оюң такыр үзбөпсүң кара кыздан.
Унуткарып жүрсөм да ууз сезимди,
Ушул күнү жолуктуң калаабыздан.

Кантип анан келбесин эске баары,
Кайда жүрдүң акылдын эрке жазы.
Кадырыңды жүрөккө сиңирген соң,
Калтырып жалгыздыкка кетпе дагы.

Деп! –мага жалооруп күлүп турдуң,
Дептериме жазгандай күйүктүрдүң.
Мээрим төгүп өзүңдү кызганып эх,
Мен да сени башкача сүйүптүрмүн.

Башаламан жашоого уюптурмун,
Балким мен сүйүүдө тунуктурмун.
Сезимдин ушунчалык кымбаттыгын,
Сен аркылуу ишенсең туюп турдум.

Көркөмдөп бүтө албайм азыр кепти,
Көздөрүң жүрөгүмө жалын септи.
Ошондогу бактылуу балалыкка,
Оо мезгил, кайрадан алып кетчи…

*24-январь, 2015-ж.*

## КАНАТСЫЗ МАХАБАТЫМ

Балта болсоң шынаа болуп кагылам,
Башка жанды издебеймин таңыман.
Жүз көрүшпөй кеткениңде алыстап,
Жүрөгүмдө бороон, куюн чаңыган.

Кантем айтчы сенсиз өткөн өмүрдү,
Башкаларга ыраа көрбөй көңүлдү.
Көз отумдун аскасынан сени издеп,
Күн нуруна калап келем өзүмдү.

Жүрөгүмө ээрибеген кыш тоңуп,
Жүдөп бүттүм акылымды сыз соруп.
Жалындабай түтөп келем, түтөп мен,
Жашайм канча?..сезимдерим ыш болуп.

Ак сүйүүмдөн болгон окшойт бул талап,
Аккан жашым акыр бир күн кургамак.
Азабыңдын, чоктой ысык ал табы,
Өзөгүмдү өрттөп келет куйкалап.

Максатымды кусалыгым келди үзүп,
Майда тамчы, жыйынтыгы сел түзүп.
Мезгилинде гүлдөп турган бийикте,
Махабатым кулап түштүң жер сүзүп.

Коштоп жүргөн көңүлүмдү жигит көп,
Колдоп алам, көтөрөмүн бийик деп.
Ошондо да кыйбай сени турамын,
Ойлорумду онго бөлүп жиликтеп.

*7-декабрь, 2014-ж.*

## ҮЗҮЛГӨН ҮМҮТТӨР...

Карегиңде кандай ойлор термелген,
Кайсыл тарап мага түздөп сен келген.
Жалындаган ак сүйүүмдү айтууга,
Жакын басып бара албадым элдерден.

Коштоп жүргөн, көлөкөңдөй көп сулуу,
Көңүлүмдүн бир бурчуна төктү уу.
Баары эле, жасалмалуу сезимдер,
Башкалардай менде анын жоктугу.

Тиктешүүдө талыбаган көздөрүм,
Тилим менен айтсам кана сөз мөлүн.
Санаа муңдун очогуна от таштап,
Сага деген ак сүйүүмдү өрттөдүң.

Сени ойлогон күндөрүмдүн тизмесин,
Менден бөлөк эч ким аны билбесин.
Шуруларлай үзүлсө да үмүттөр.
Шүгүр кылам, жер бетинде биргесиң.

*2-декабрь, 2014-ж.*

## ТАБЫШКАНДА...

Табышканда жүрөктөр табышканда,
Тагдыр менен көп ирет алышсам да.
Кайра кайтып келбестир ал күнүбүз,
Карегимден канча жаш агызсам да.

Табышканда жүрөктөр табышканда,
Тар жолумдун өмүрүн багынтсам да.
Махабаттын мыйзамын жеңе албадым,
Мезгил менен мен канча жарышсам да.

Табышканда жүрөктөр табышканда.
Сени өчүрүп сезимден алыш кайда.
Көмүскөдө калса да ак сүйүүбүз,
Көөдөндүн дартын кечип барыш кайда.

Табышканда жүрөктөр табышканда,
Талкаланат үмүттөр намыс барда.
Өзгөнүн кетсем дагы, колун кармап,
Өзгөрүлбөй сүйө берем алыстан да!

Табышканда жүрөктөр табышканда,
Тагдыр менен көп ирет алышсам да.
Кайра кайтып келбестир ал күнүбүз,
Карегимден канча жаш агызсам да.

*30-ноябрь, 2014-ж.*

# ТАГДЫРДАН ЖЕҢИЛБЕГИН

Бактылуу мына азыр күлгөн сыңар,
Бакчада жаңы ачылган гүлдөр сымал.
Бүт жашооң ушундай өтмөк кайда.
Бут тоскон, бузуку түрлөр чыгаар.

Такшалтат мүнөздү дээриңдегиң,
Татаал жол басуудан эринбегин.
Таманга сайылаар канча тикен,
Тагдырдан ташыркап жеңилбегин.

Кайра кайтпас күнүңө өкүнбөгүн,
Мааниси жок канчалык өкүнгөнүң.
Кем акыл ойлорго жетеленип,
Келечектин жарыгын өчүрбөгүн.

Кудайдын бактылуу күндөрү көп,
Кошулбай коркоктун тизмегине.
Чыдатпас азаптар каптаса да,
Чыйралып турмуштан издегиле.

*13-октябрь, 2014-ж.*

# ЖҮРӨКТӨН ЖОГОТКОНУМ...

Көзүңдү көпкө тиктеп узадымда,
Көкөлөп тээ алыска учаарымда.
Талашпай тагдырдан, тилегинен,
Тапшырдым башканын кучагына.

Баратабыз жол таппай өчпөгөнгө,
Багытыбыз бирикпей көксөгөндө.
Балталап сезимди кыйып салдык,
Бакыт багы жаңы эле көктөгөндө.

Жети кабат асмандан табылбасым,
Жерге кулап тамууда агып жашым.
Мезгилдин тереңине чөгүп кеткен,
Мээримсиз күндөрдө карындашың.

Энчиме жазылбаган жомоктогум,
Эсиңдеби канча ирет шолоктодум.
Эми биз кайрадан жолукпайбыз,
Эсен бол жүрөктөн жоготконум.

Туруксуз мүнөзүңө байлап кеткен,
Тушалган кайгы-муңда коноктомун.

*29-сентябрь, 2014-ж.*

## БАР БОЛЧУ...

Сен бар кезде сыноолорго бет алам,
Сен бар кезде тикен жолду кече алам.
Себепчиси өзүң болсоң тилектин...
Сенсиз кантип бийиктикке жете алам.
Көргөнүмдө көздөрүңдү жарыктык,
Көп кайгымды унутам да, эс алам.
Лайнерисиң учуп жүргөн кыялдын,
Лаззат берип, азап бербе эх анан!..
Атың сенин бүт дүйнөмдү бийлеген,
Анан сенден, кантип, кайда кете алам?!

Ушунчалык арбагансың, берилгем,
Улуу күчтүн учкунуна жеңилгем.
Башкарылгыс азоо тура сезимдер,
Барган сайын алоолонуп теминген.
Жерге төкпөй топтогондо тамчымды,
Жел кайыкка деңиз болмок теримден.
Мен эмесмин майтарылчу шамалга,
Мезгилинин буйругунан чегинген.
Кандай сүйүү тартууласам мен сага,
Кайра ошондой сүйүү күтөм демиңден.

Мен бүтпөгөн, мен баштаган дастансың,
Мен эңсеген, мен көксөгөн асмансың.
Сендей болуп бүйүрүмдү кызытаар,
Сенден бөлөк жок эч кимим, башкам чын.

Бир этимдин тамырына билдирбей,
Бир ысымды түбөлүккө жазгансың.
Эрежесин бузбай кирип сүйүүнүн,
Эшиктерин жүрөгүмдүн ачкансың.
Дарегиме чымын бутун тийгизбес,
Далын тоскон куюндарга аскамсың.

*17-апрель, 2017-ж.*

## КӨРҮНБӨЙ ПЕНДЕЛЕРГЕ

Чыгып кеттим, бүгүн да, шаардын чекесине,
Ыйладым, күлдүм дагы.
Не деген муза угуп, куштарга сырым ачып.
-Башкача жүрдүм дагы...
-Башкача түндүн даамы...
Бул сени эстеп алып,
Бул сени сагынгандын белгиси эмес...
Жөн гана жалгыздыкты сүйүп кеткем,
Жалгыздык өзү жакшы,
Жаштыктын күнүн кечкен...
Жөнөтүп азаптардын айылына,
Жөн жерден улуу сезим күйүп кеткен.

Жалбырактар жалдыраган эки көздү,
Жандуудай сооротконсуйт.
Же ага мен, басылсамчы..
Ансайын табият жытың искеп,
-Өзүңө келип алып...
-Өртүңө ээрип алып...
Көргөзбөй пенделерге,
Куткарчу кучагыңа жашынсамчы!

Каңгыр-шаңгыр калаадан ыраак болуп
Таянып сага келдим,
Айыңды таштап берип...
Ажайып коздугуңа термет мени!

-Эркелет көздөрүмдү!..
-Сурагын абалымды!..
-Сылагын чачтарымды!..
-Сүйлөткүн эриндерди!..

Короткон убакытым тек кетпесин.
Улуу түн пардаларың ачык болуп,
Уйкусуз каректерим.
Укмуштай кереметке ашык болуп.
Агыман жарылып бир,
Ансайын терендейин...
Азыр мен адам укпас,
Азыр мен адам көрбөс,
-Сокур, дүлөй, кереңдеймин!

Улуу түн жөлөнгөнүм,
Ушул күн төрөлгөнүм.
Ишенип сага келсем,
Ооу жарыктык, жашыл талаа.
Сенин да мээримиңе,
Сенин да аруулук каптап турган,
Аруужан дүйнөсүндөй,
Айталгыс сөзүм менен,
Ажайып кооз мейкиниңе бөлөнбөдүм!

Алыстан көрүнүп, калаанын чырактары,
-Куштарга сырым айтып...
-Чөптөргө жашым төгүп...

-Жанагы келген жолдон...
Таң атып кайра үйгө жөнөп жатам,
Баркына жетпей көптүн,
Баардыгын мээримсиз күндөр менен,
Мен азыр төлөп жатам!

*22-май, 2017-ж.*

## ӨГӨЙ КҮНДӨР

Кымбатым, жаш жүрөгү тилинген,
Кыйраганы, ыйлаганы билинген.
Күлкүсүнүн жарытаарлык шаңы жок,
Күндө өлүп, күндө кайра тирилген,
Ошол мен...

Бороондорго миң кетилип бүтөлгөн,
Боорго тартса айрымдардын ичи өлгөн.
Айтып жатып күлкүм дагы келүүдө,
"Алтынымсың" дегендерге ишенген,
Ошол мен...

Эбак эле... алдан тайган, күчүнөн,
Эч кимди азыр эңсебеген түшүнөн.
Айлананын, табияттын суугу эмес,
Адамдардын кыш сөзүнөн үшүгөн,
Ошол мен...

Калем жана барактарга жаны бир,
Кайран жанга катар күндүн таңы бир.
Тагдырына тике карап бараткан...
Таң атса да, күн батса да бары бир,
Ошол мен...

Жалаң ырдан жалгыз сырдаш жасаган,
Жалаң ырга жанын берип жашаган.

Жарыктары жалгыз шамча табы жок,
Жасалмалуу жан аттуудан тажаган,
Ошол мен...

Боз жүзүнөн мөлтүр тамчы куюлган,
Болжогону, ойлонгону тыйылган.
Башкалардан эч жылуулук күтө албай,
Баягы эле саптарына жылынган,
Ошол мен...

*21-октябрь, 2016-ж*



## БАЯГЫ ЖЕРДЕ ТУРАМ

Кетишим керек эле эмне турам,
Кете албай кылчактап сен деп улам.
Баратсаң шолоктоп ыйлап алган,
Баягы сени узаткан жерде турам.

Кантип жагам андагы кайра отту,
Карааныңды табууга айла жокпу.
Мээримиңдин күкүмү калган үчүн,
Мен сагынып калыпмын Аэропортту.

Келип алып кокустан байкабапмын,
Келээр замат ысымың кайталапмын.
Чоочуп кетип сезимдер эстегенде...
Чок басарын сезбестен кайкалапмын.

Мен жаныңда күндө эле жүрбөстүрмүн,
Менда барам кошулуп жүр дептирмин.
Курбу кызым узатып келдим эле,
Куюлаарын көздөн жаш билбептирмин.

Көрбөсүн деп көзүмдү ала качтым,
Көөдөнүмдүн шишигин жара бастым.
Өмүрүмдүн көркү сен болгон үчүн,
Өзүңдү ойлоп бүтүүдөн тажабасмын.

Сеникиндей мүнөздөр жанда барбы,
Сага кеткен издедим тамгаларды.
Көп өлкөгө чачырап кетишкендей,
Көк асмандан төгүлүп кар да жаады.

Кетишим керек эле эмне турам?!
Баягы сени узаткан жерде турам...

*24.01.2017*



## АЗЫРЫНЧА УНЧУКПАЙМ

Бүгүн жамгыр мендей болуп тамчылап,
Булуттарын сүрдүрбөдү шамалга.
Мындай күндөр өтөт дагы канча убак,
Мырзайымдын айтаары көп аларга.

Капа болгон, капаланткан аярлар,
Каалασаңар менден артык тапкыла.
Мен баштасам бүтпөй турган баян бар,
Мендик делген эшиктерди жапкыла!

Ар бир тамга, ар бир сөздөй, ар саптай,
Сүйлөйт ырлар мезгил келсе жооп болуп.
Азырынча унчукпайын таңгалтпай,
Чоочушпасын чоң тагдырдан кооптонуп.

Таарынышсын, жаман көрсүн мени алар,
Таарынганга бар кезинде акысы.
Ага чейин менин дүйнөм дем алар,
Алты саптуу ырда калуу бак ушу!

Бактыңар бар, кандай гана бактыңар,
Барагыма сайма болуп төшөлгөн.
Бирок мени бир сыздатып жаттыңар,
Билигимди үйлөп өтүп көчөмдөн...

Азыр менин жан дүйнөмө кеч кирип,
Аярлаган шоолаларым өчтүбү?..
Калбайт эле сыйым такыр эскирип,
Капалык ооу капыс келген көчкүбү?

Көркү деген кыйбастарым өмүрдүн,
Көөдөнүмдү тааныганча унчукпайм.
Барагыма балбалактап төгүлдүм,
Балким бүгүн, бүгүн балким тынч уктайм.

*08.12.2016*
*3:35*

## МЕН БҮГҮН...

Мен бүгүн бүт ырымды окум чыктым,
Сабырымды кайрадан толуктаармын.
Сенин жүзүң карегимден кетпей коюп,
Сагынычтан жабыркап ооруп калдым.

Арасын да сага жазган ырларым бар,
Азыр кайда?.. -деп сени менден сурайт.
Биз алыстап бир өмүргө кеттик десем,
Бийиктерден бой таштап жерге кулайт.

Жарды сүздүм, аска сүздүм эзилдим,
Жанчылдым эх нурун таппай теңимдин.
Балкып канча окусам да ырларды,
Баштагыдай үнү чыкпайт, кебимдин.

Мен бүгүн ыйлап-ыйлап, төгүлдүм да,
Мен бүгүн алсыз жандай көрүндүм да.
Кыялдарым өзүң менен жетеленип,
Кызыгын эх, алып кеткен өмүрдүн да.

Улуу тилек, женилбес балбан десек...
Ушинтип калып кетээр жандар белек?
Билигиндей чырактын жаныптыр да,
Биз атырган ошондогу таңдар демек.

Күйгөн жарык ара жолго тушалганбы?!
Күнүмдүкпү, же айларга узарганбы?..
Карааныңды жүрөктөн сыйрып салып,
Канткенде жоктой сезем ушу арманды?

Мен бүгүн бүт ырымды окум чыктым,
Сабырымды кайрадан толуктаармын.
Сенин жүзүң карегимден кетпей коюп,
Сагынычтан жабыркап ооруп калдым!..

*7-апрель, 2015-ж.*

## БАРКЫ БИЙИК, АЛ МАГА

Таңдайымды суулагандай жармага,
Тамшанамын сөздөрүнө таңгала.
Эч кимде жок бакыт таптым дегенде,
Эми тагдыр кайра мени алдаба.
Башкаларга кимдир бирөө болсо да,
Баркы бийик, кайталангыс ал мага.

Өмүрүмдүн баарын арнап берээрмин,
Өзүң үчүн өрттү кечип келээрмин.
Мээрим отум жан чыдагыс куйкалайт,
Менден алсыз экендигин сезээр күн.
Басылбаган жамгырымдай нөшөрлөп,
Байкоосуздан кирип келген сен эргүүм.

Сезимдерим сендик жолго жөнөгөн,
"Сүйүү" нурун төгүп турсун төбөмөн.
Аскасынан кулап кетпей тагдырдын,
Аруу, таза жан дүйнөңө жөлөнөм.
Бар турпатын кайталангыс жаратып,
"Баатырымды" кандай эне төрөгөн?!

*06. 05. 2015*
*01:44*

## СЕН ДА МЕНИ...

Жапсам дагы сүйүү деген теманы,
Жалгызсырап көргүм келет кээде аны.
Сезимдерди мезгилиңе тапшырып,
Сен да мени сагынаарсың ээ жаны?..

Мен кайра таба аламбы издеримди,
Мончоктой жаштарымды тизбедимби.
Качанкы калып кеткен жолду самап,
Кайрадан сен да мени издедиңби?..

Күйүп кеткен үмүттөр улуу шамдай,
Күндөр өттү жарыксыз куру таңдай.
Коштошуу тилсиз келген жоодой болуп,
Койдуңбу сен да мени унуталбай?..

*15:32*
*22.05.2015*

## КОНОК БОЛУП

Ооба ал да жактыраары аныктыр,
Ошондуктан оттой күйүп жаныптыр.
Бу жашоодон көксөп жүргөн адамым,
Бүгүн мага конок болуп калыптыр...

Чөгүп турган маанайым көтөрүлдү,
Чоктой ысып бу күндөн өтөмүнбү?
Бая эле шайым кетип ооруп тургам,
Басып койду карааның жөтөлүмдү.

Эргүү келди, саптар келди сага деген,
Элес менен дартыма даба белең? ..
Ар мүнөт арбап турсаң акылымды,
Ансайын сен деп ырлар жаза берем.

Сенин баркын мен үчүн бийик болчу,
Сагынтаарым күн сымал тийип койчу.
Карачы сага арнап жаңы ыр жаздым,
Кайрадан "ГОСТИ" болуп кирип койчу...))

*04.06.2015*

## ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ ЖОГОТОЮНБУ

Жүрөктү эми буулутайынбы?
Жүдөдүм болду курутайынбы?
Баатырым сени кыйнабаш үчүн,
Бактылуу күздү унутайынбы?

Көрбөйсүң эми кайгы ырымды!
Күүлөндү канат кайрыйынбы?
Ысымың сенин эстебеш үчүн,
Ырымдын баарын айрыйынбы?

Башканы эми тандайынбы?
Багытын бирге жандайынбы?
Көргөндө көзүм ыйлабаш үчүн,
"Көлүңө" сенин барбайынбы?

Кыйноого жанды кырчытайынбы?
Кысылып бүттүм сыр тутайынбы?
Секундтар жылса жүрөктү эзет,
Сен берген саатты ыргытайынбы?

Карасын көздүн коротойунбу
Кайрадан жанды сооротойунбу?
Өзгөгө сени бергенден көрө,
Өзүмдү өзүм жоготойунбу?!

*30.08.2015*
*01:59*

## ЫЗАА

Баардыгынан ыйык мен, бийик койдум,
Балдагына жүрөктүн тийип койдуң.
Тизе бүгүп, кызганып, кулап жатып,
Тизмеңизден тизмемди чийип койдум.

Кызгантпаңыз деп далай өтүндүм мен,
Кылганыма а бирок өкүндүм мен.
Дүйнө жүзү сиздей кең болбосо да,
Дүйнөңүздөн дүйнөмү көчүрдүм мен.

Өмүр сен бүтүнүмдү жарып кеттиң,
Өзөгүмө суук түшүп карып кеттим.
Сейрек гана кездешчү адамымдан,
Сезимдерди бүт жыйып алып кеттим.

Мен кеттим жыргаңыз, ырдаңыз да,
Мен барак, сиз калем сынбаңыз да.
Кыялдарым не болсо ошо болсун,
Кызганычка чыдайбайм, кызганычка.

Мени изиңе сүрдөткөн кадам элең,
Мен билгенден сүйүүгө адал элең.
Чөнтөгүнө жүрөктүн эбак түшкөн,
Чөйрөмдөгү маанилүү адам элең...

Баардыгынан ыйык мен, бийик койдум,
Балдагына жүрөктүн тийип койдуң.
Тизе бүгүп, кызганып, кулап жатып,
Тизмеңизден тизмемди чийип койдум.

*19.09.2016*

# ЖАКШЫМ МЕНИН

Өзөндүн, ашуулардын, бийиктердин,
Өзөгүнө өрт болуп тийип келдиң...
Сезимдердин суурулуп жомогунан,
Сен дүйнөмө кокустан кирип келдиң.

Асма шамдай көөдөнгө бүлбүлдөдүң,
Айыктырды өткөнду тим күлгөнүң.
Дилиңдеги миң сырды окуп жатып,
Дидарыңа сукланып үлгүрбөдүм.

Колдорумдан түшүрбөс ыйык туумсуң,
Коюу түндө берилип ыр укчусуң,
Эки мүнөт көп болуп сагынамын,
Эмне мынча "Жарыгым" кызыктуусуң?!

Каламымды кагазга бүлөткөнсүң,
Караанынды карекке түнөткөнсүң.
Заманама туш болгон жөн жан эмес,
Зарлап күтүп жашаган тилектенсиң.

Кирпигимден түшүнгөн даанышмансың,
Кир дүйнөнүн жолунан алыс жансың.
"Адам" -деген улуулук канга сиңип,
Адилетти жактырган калыс жансың.

Жел чапчыган кыялга бараткансың,
Жердансиңби?.. асмандан каяктансың?
Кудайдын амиринен ЖҮРӨГҮМӨ...
Кулап түшкөн канчанчы кабаттансың?! ..

*28.07.2016*
*00:59*

## СУКТАНДЫМ

Суктандым мен айлыңын бактарына,
Суу жетип бүр ачкан шактарына.
Сен аркылуу келдим мен Бел-Өрүккө,
Мен аркылуу сен да бар Чаткалыма.

Көп көйгөйүм көз алдыман жоголуп,
Көк чөптөрүң көздөрүмө боёлуп.
Таазим кылып сен чонойгон жолдорго,
Таасирлерге калдым бүгүн оролуп.

Мейкининде жашап калдың кыялдын,
Көркү сенсиң көп тамгалуу сыямдын.
Булут өөп, күн жыттанган жериңди,
Бутум менен басканыма уялдым.

Суктандым мен айлыңын бактарына,
Суу жетип бүр ачкан шактарына.
Сен аркылуу келдим мен Бел-Өрүккө,
Мен аркылуу сен да бар Чаткалыма.

*10-май, 2017-ж.*

## КАТ БАЙЛАДЫМ

Сагынтып кайда кеттиң ах кайраным,
Сындырып жүрөгүмдүн тактайларын.
Уратып дубалдарын, терезесин...
Уурдадың аруулуктун ак байрагын.
Пенделер арасынан кезигээр деп,
Периште канатына кат байладым.

Кап, бекер болсо керек чачылганым,
Катпапмын оң болмок жашырганым.
Туйдуң бекен Айкөлүм туйдуң бекен,
Туш жагында сол эттин атың барын.
Жетим жандай томсортуп жараткан эй,
Же ушинтип сынайбы акындарын.

Кабыл дагы албассың ыр жакутту,
Кара көздөр жол тосуп сынбадыкпы.
Ак тулпардай кыялдар мүдүрүлүп,
Ак сүйүүнү жок кылып тынбадыкпы.
Тatат эми түбөлүк башка бирөө,
Тата албай сен кеткен миң бакытты.

Өз тамырым өзүм казып жеп келдим,
Өкүнүчтүн таманында тепселдим.
Архивтерден табылбаган табылгам,
Акыр бир күн кайтаар мага деп келдим,

Алыстасаң абалыңды суз кылып,
Ак сүйүүнүн актыгынан шектендим.

Чыңырып мен ыйлагым бар бөбөкчө,
Чын жүзүмдү чындык келип көп өпсө,
Мыйзамдарга жазылбаган күнөөң бар,
Миң жыл жашап бүтө албассың төлөтсө.
Баалуулугун сезимдердин билбеген,
Балким сенин ойлогонуң бөлөкчө.

*28.01.2016*
*19:45*



# ЭЛЕТТЕГИ САГЫНЫЧ

Көөдөнүмө уюган кызгануумда,
Көрөөр бекем өзүңдү кыш таңында,
Жүрөктүн алгыр мүнөз Падышасы,
Жүрөм сени сагынып кыштагымда.

Сен мени сендигиңден арбадыңбы?
Сени эңсеп күн санап калбадымбы.
Саат сайын көрүүгө кусаланткан,
Сагындым ырдагы каарманымды.

Кандай гана сагындым сезсең боло.
Кадимкидей жаныма жетсен болсо.
Ак гүлүндүн бүр ачкан жерин көрүп
Айлыма бир келип кетсең боло...
*6-ноябрь, 2015-ж.*

## СЫРДАШ КӨЛҮМ

Ысык-Көл чынында терең белең?
Ыр болуп мен сага келем дегем.
Санаада мен сыңары жандар канча?
Сырларын сага айтып берем деген?

Жоголгон сүйүүм жүрөт агымыңда,
Жоктодум, издедим жаңы ырымда.
Жоолугун салаар кезде "Апакеси",
Жолдордун бөлүндүк жарымында.

Айла барбы арзуунун чөкпөшүнө,
Арга барбы мен айтпай өтпөшүмө.
Алтын-Көлүм өзүңө чоң аманат,
Ал жигит арманын төкпөсүн ээ?..

Тамчысын сүйүүнүн курутпаймын,
Таңдайга түшкөн сынып куруттаймын,
Тагдырым бөлөккө жазылса да,
Таптакыр мен аны унутпаймын.

Эх Көлүм, энчиңде кала албадым,
Эңседим, эзилдим жана албадым.
Тилинген жүрөктү титиретет,
Тизгинсиз мупмуздак шамалдарың.

Ысык-Көл толкусаң төгүлбөгүн,
Ыйыгым мен бүгүн төрүңдөмүн.
Ышкымды сезимден козгоп жаша,
Ырымдан эч качан бөлүнбөгүн.

*08.09.2015 04:52*

## БАКТЫЛУУ БОЛ

Сени ойлойм жүрөгүмө жаксаң керек,
Сенин барың бүтпөгөн дастан демек.
Мен кучактап бир барак бир калемди,
Сен кучактап аныңды жатсаң керек.

Эх!.. балкытып дүйнөмдү таштачу элең,
Эркин менен эркимден ашпачу элең.
Көздөрүмдү өпкүлөп боорго кысып,
Көздөрүңдү жумганда башкача элең.

Башкача элең, ооба сен башкача элең,
Баштаарыңда ар ишти шашпачу элең.
Тааныштырып баарына сыймыктанып,
Тааныш, ДОС, туугандан качпачу элең.

Урмат кылам бар болгун жалын курак,
Ушундай бир күндөрдүн шаарын курап.
Бетим сылап, чач жыттап, эркелетип...
Белге оролгон колдоруң сагындырат.

Сагындырат кантейин баары кеткен,
Саман-саман күндөрдүн кары кеткен.
Аалам жиреп мейкинге канат кагып,
Акын кыздын арзыган таңы кеткен.

Кетсе дагы эсимден кеткис болду,
Керек кезде мээримиң чексиз болду.

Сенден кийин көп жанга жолуксам да,
Сага чындап эч бири жеткис болду.

Эстеп алып экөөбүздүн жакшы күндү,
Ээктен ылдый, кирпиктен жаш күбүлдү.
Үмүт кылып жүрчү элең тилегиңде,
Үзсөң керек менде да жакшы гүлдү.

Барагында калыпсын күндөлүктүн,
Баарын көрүп жашашты үйрөнүпмүн.
Башка эмне дейм тилегим ушул гана,
Бактылуу бол жакында үйлөнүпсүң!..

*7-июль, 2017-ж.*

# СЕНИ СҮЙДҮМ

Билбейм качан кантип чачырадым,
Берметтей сөздү ойдон качырамын.
Билигин башкаларга жанган кезде,
Билгенге тозок болуп акыбалым.
Сени сүйдүм!..

Шамалга багытсыз үйлөнүп мен,
Шаңы жок күндөргө сүйрөлүп мен.
Кектенүүнү жүрөктөн алып салып.
Кечирүүнү кайрадан үйрөнүп мен,
Сени сүйдүм!..

Бутагындай дарактын ийилип мен,
Булганбаган баракка чийилип мен.
Сүйүүм үчүн бар күчтү арнап коюп,
Сабырымдан түгөнүп тирилип мен.
Сени сүйдүм!..

*4-ноябрь, 2016-ж.*

## КЕЛЕТ ОКШОЙТ ЖАКЫНДА

Эмне деген ойлор келбейт акынга,
Эч уйкум жок, эргүүлөрүм жашынба.
Мен уктабай көптөн бери таң тосом,
Мага СҮЙҮҮ келет окшойт жакында.

Түндүн көбүн кечип коем ал үчүн,
Түйшүктөрдөн арылтканым бар үчүн.
Мыйзамына көнүп берем жашоонун,
Махабаттын тузу жана балы үчүн.

Үмүттөрүм азыр сары жалбырак,
Үстүбүзгө түшпөсө экен жар кулап.
Чын дүйнөмдү алоолонткон ал адам,
Чылбарына баш ийбеген аргымак.

*15-июнь, 2016-ж.*

## БАШКАЧА ОРУНДА ДАРАЖАН

Жалгызым, жаным жарыксың,
Жашоомо келгенин анык чын.
Сезе албай башкалар кеткенде,
Сен гана мени чын тааныпсың.

Токтогон ырларым башталсын,
Тогу кол тийгис ак карсын.
Жанымда дайыма бир жүрсөң да,
Жан дүйнөм кантип эй ач калсын.

Өйдөдөн сен түшүп келипсиң,
Өрттөнсөм өрт чалды жер үстүн.
Бийигим жапызга тең болуп,
Билдирбей баарына шериксин.

Чер чийип тилинип таманым,
Жеткенче максатка кадамым.
Бүгүнкү биз көргөн күндөрдөй,
Бүркөлбөй жүрсө экен кабагың.

Күткөнүм көрүнбөй калчудай,
Күйпөлөп төгүлдүм жарчыдай.
Тагдырга күмөндөр жаралып,
Татаалдык көп менде дарчыдай.

*12-май, 2017-ж.*

Мекендеп жүрөктү бир өзүң,
Мен жүргөн жерлерде жүрөсүң.
Мен канча кубанып ыйласам.
Мезгилдин баарына күбөсүң.

Соолубай көктөсүн кыялым,
Сол жактан сени эле туямын.
Багытын өзгөртпө жараткан,
Башкага кантип мен кыямын?..

Сүйүүдөн жабыркап бөксөрдүм,
Сүйрөлүп канча жыл өткөрдүм.
Жарамды жаныртып сен кетсең,
Жашоомун жарыгы өчкөн күн...

Билемин сен андай кылбайсың,
Билемин сый арнап тынбайсың.
Адамдык бийигин сүрөттөп,
Азыркы мен жазган ырдайсың!..

*12-май, 2017-ж.*

**ТОЛООР. БЕКЕМ БИЛБЕЙМИН СЫНЫНАРГА, ТОМСОРУП МЭЭРИМДЕРГЕ КУСА ЖАНМЫН.**



## ОКУРМАНДАРЫМА

Тагдырыма каламымды тапшыраармын,
Таалайына жазылсам жакшы жардын.
Батасындай "Апамдын тилегиңер",
Бар болгула менин кымбат жакшыларым.

Күнүм бүтүп оронгончо бир кепинди,
Ырга арнайм бирде күн, бирде түндү.
Ишеничи калкымдын жондо турса,
"Из" калтыруу унутпайм милдетимди.

Жамгыр болуп төгүлсө миңдеп санаам,
Жазасыңар жакшы кеп иргеп анан.
Менден мыкты бир сапты издегендей,
Мен да кээде силерди издеп калам.

Жапыс эмес, тоодон бийик аскасыңар,
Жасалмасыз чын жыттуу нактасыңар.
Көкүрөккө так болгон жара да эмес,
Көңүлдөрдү гүлдөткөн бакчасынар.

Окурмандар көңүлүмдүн ордосундай,
Окурмандар жакшынын жолдошундай.

Бриллиантка да алмашкыс сөздөрүнөн,
Балкып кетем, эргип кетем коргошундай.

Тагдырыма каламымды тапшыраармын,
Таалайына жазылсам жакшы жардын.
Батасындай "Апамдын тилегиңер"...
Бар болгула менин кымбат жакшыларым.

*2-январь, 2016-ж.*

# ЭХ КУРБУМ...

Сенден бөлөк кимге айтам азабымды,
Сезсең керек кандай ой казарымды.
Куладым, жалынына махабаттын,
Куйкаланып мен бүгүн жазам ырды.

Билесиң да ашыктыкка чөккөнүмдү,
Бир кезде "жалп" деп күйүп өчпөдүмбү.
Каректин майын чылап жашка кошо,
Кайдагы жигит үчүн төккөнүмдү.

Көздөр тийген, а балким буюрбаган,
Көңүлдөрдүн талаасы куюндаган.
Көздөрүбүз от чачып күйүп турса,
Көп өтпөй узап кетүү туюлбаган.

Эх курбум ушундай күндөр калды...
Эх курбум убайсыз гүлдөр барбы? ..
Тамырымды бошотуп жиберсе да,
Талкаланбас жаңырган үндөр калды.

Чегинбестен өмүр шаңын улайын,
Чечкиндүү элем эрктүү болуп турайын.
Селдей аккан муң, арманым түшүнгөн,
Сендей ДОСтон айрыбасын кудайым!!!

*30.05.2015 02:41*

## КАНДАЙ СЫН БЕРДИҢ ЭКЕН

Менин эң жаш, эң аруу окурманым,
Мен сенин өчпөс такыр отуңдамын.
Байкалбай ырым угуп жүрдүң беле,
Бар сырыма жуурулуп кошулганым.

Сүйүү ырын баарына жар салыпмын,
Сүртүмдөрү жок азыр ал жарыктын.
Ар бир жазган ырыңа талгакмын деп,
"Апаң" айтса кызыкты таң калыпмын.

Кубанычтын жүрөккө оту келип,
Күндөн ысык мээримди кошуп берип.
Жаңырбаган эч жерде ырларымды,
Жарым түндө мен сага окуп берип.

Жабык сырдын баарысын ачмай болдум,
Жашоого мен ошондо батпай койдум.
Аруу дүйнө берилип угуп жатса,
Аруу ырды текчемен таппай койдум.

Мейкинге учкансып колдо бакыт,
Мен жүргөндө миң түркүн ойго батып,
"Каламыма кандай СЫН бердиң экен"...
Аралдым катмар-катмар тондо жатып.

Таңдай эргүү кайрадан ким жаратсын.
Табылгандай шериги бир канаттын.
Апаң толгоп дүйнөгө сен келгенде,
А мен толгоп сага арнап ыр жараттым.

Чагылгандай а балким жигиттирсиң,
Чарчабаган кыргызга күлүктүрсүң.
Ызаа, муңга оролуп кете бербей,
Ырларым да өзүңдөй күлүп жүрсүн.

Сен деп билдим маңдайдан куюлса тер,
Сен деп билдим дүкүлдөп угулса жер.
Өмүр бою катташып балапаным,
"ӨКҮЛ АПАҢ" боломун буюрса мен...

*1-апрель, 2016-ж.*

# КУСАЛАНУУ... ЭГИЗИМ ЖАЗАЙЫМГА!

Алыс жакта жүргөнүм сагындырып,
Ай-күндөрүм өтүүдө алым куруп.
Абалымды кусалык томсортконсуйт,
Авазыңды жөнөтчү дарым кылып.

Кайда барсам каухарым оюмдасың,
Бир кудайдын аманат колундасың.
Мен "Борбордо" ыр жазып күн өткөрүп,
Сен чоң жолдо, "Деңиздин" боюндасың.

Ак чардактар өзүңдү көрүшкөндүр,
Ала-Тоодон айтканым бөлүшкөндүр.
Ашыгып мен өң эмес, түштө көргөн.
Ак толкундар көзүңдөн өбүшкөндүр.

Жыты сенде орогон жаз айынын,
Жыргатасың жанымды "Жазайымым"
Жылдар эмес, түбөлүк тилейм сенин,
Жыргап гана жүрүшүн маанайыңын.

Бизден али кете элек узап жаштык,
Биз чоңойсок экен деп улам шаштык.
Бир эненин курсагын бирдей тебип,
Бир карында тогуз ай кучакташтык.

Кулатпаган жалгыз сен жардан мени,
Кубаттаган жалгыз сен таңдан мени.
Жыйынтыгы мезгилдин ойлоп көрсөм,
Жыйырма үч жаз өтүптүр андан бери.

Сенден бөлөк эч кимге жана албаймын,
Сеникиндей мээримди таба албаймын.
Кадамымды жолумдан чалындырбас,
Карегимдин бири сен тана албаймын.

Өзүң гана түшүнүп абалымды,
Өзүң гана көтөрүп санаа-муңду.
Сезимталым сен гана билесиң ээ.
Сен оорусаң, менда ооруп калаарымды.

Эң чоң тилек айтканда энем бизди,
"Элдин кызы болгула" -деген бизди,
Жалгыз эмес, кош канат болушсун деп,
Жаратканын карачы эгем бизди!..

Жер үстүнүн баары эле тегиз эмес,
Жай аккандын баары эле деңиз эмес,
"Кандай гана бактылуу адамдарбыз",
Жаралгандын баары эле "Эгиз" эмес!

*14.11.2016*

## ТҮШҮНДҮМ АПА

Жолумдун баары түз эмес экен,
Жомоктун баары түш эмес экен.
Акыры аңдап түшүндүм апа,
Адамдын баары сиз эмес экен.

Көзнөн нуру тамганды көрдүм,
Көкүрөк толо арманды көрдүм.
Кылбасам дагы эч кимге зыян,
Кылыгы жаман жандарды көрдүм.

Чагылган оттор өчкөнүн билем,
Чалышат алар өздөрүн билем.
Баягы сенин суу куйган гүлүң,
Бараткан сайын өскөнүн билем.

Жартымды жаман тордоду апа,
Жакшылар жамап оңдоду апа.
Жабыгып дүйнөм чачылаар кезде,
Жараткан өзү колдоду апа.

Күбүлгөн шактай күз болдум эчен,
Күйүткө калып жүз тоңдум эчен.
Энтигип далай арыштап барам,
Элине жакын кыз болгун десең.

Жолумдун баары түз эмес экен,
Жомоктун баары түш эмес экен.
Акыры аңдап түшүндүм апа,
Адамдын баары сиз эмес экен.

*14-март, 2016-ж.*

## ЧЫЙРАЛАЙЫН

Кай жылдарга жетелейт ушу күнүм,
Кадимки эле адамдын бүчүрүмүн.
Жетпей жатса эстүүлөр кечиргиле,
Жете турган нерсеге түшүнүгүм.

Сабак болоор өткөндү эстегеним,
Санаа менен армандан четтебедим.
Эмне мынча дүйнөмү чыйрыктырып,
Эмне мынча кысылып чектелемин.

Кайран сонун учурлар бүт өлдү да,
Кайыш тилген жаратым бүтөлдү да.
Жанчылган соң жүрөгүм, аяп калдым,
Төөлөр чайнап жиберген тикенди да.

Бийик жардан дайрага ыргыгандай,
Бир топ күчтү жүрөккө сыйдыра албай.
Тынчым кетип жүрдүм көп жараланып,
Тырмагымды этимден сыйрыгандай.

Боздой бербей болду эми басылсамчы,
Болоор болбос түйшүктү жашырсамчы.
Чын жашоодо мен өзү кандай элем?!
Чындап жашап аткандай ачылсамчы.

Жүзүн бурган, жүз ирет түр көрдүм го,
Жүрөгүмдү ооруткан күн көрдүм го.

Эми кандай жүрүштү билейин да,
Эбин табаар жолдорду үйрөндүм го.

Куруп кетсин, кур эле барк тапканым,
Куруп кетсин, эптемей жан бакканым.
Адам болуп жашайын, адам болуп,
Алыстарга коюлган максаттарым.

Билгеним аз, дагы көп билсем деймин,
Билимдүүлөр жанында жүрсөм деймин.
Күбө болуп ар жандын дүйнөсүнө,
Күзгү болуп чагылып тийсем деймин.

Деңиздерден өрт болуп чыксам деймин,
Турмушумдан көп олжо утсам деймин.
Кубалабас, кет дебес бирин бири,
Кумурсканын жүрөгүн уксам деймин.

*28-январь, 2017-ж.*

## КЕРЕК ЭЛЕ

Негедир ушул жылдар,
Негедир "ЖҮРӨГҮМӨ",
Көптөгөн жандар келди,
Көзү курч балдар келди.
Айрымдар эжелерим,
Айрымдар...
Синдилер, теңтуштарым,
Күүгүмдөй күңгүрт десем,
Күндөн ак таңдар келди.
Үлбүрөп араң жанган,
Үзүлгөн шамдар келди.
Азабы кыйнай берген,
Ар дайым ыйлай берген,
Нөшөрлүү жаандар келди.
Чыйрыккан үмүттөрү,
Чыйрыккан жиликтери,
Чанагы көздөрүнүн,
Чарчоодон талып калган,
Чилдеде калып калган,
Жыргаганы жыйырма пайыз,
Кыскасы...
Жаралуу жандар келди!..

Баардыгын кабыл алдым,
Башкача жанып алдым.

Акылга, жүрөккө да,
Ар бирин салып алдым.
Мындай оор тагдырларды,
Мындан оор сан жылдарды,
Көтөрүү үчүн мага керек эле,
Жүрөгү КАБЫЛАНДЫН...

*3.11.2016*

## КИМДЕРГЕ?..

Кимдерден алсырап мен,
Кимдерден кубат алдым?
Кимдерди ыйлатып мен,
Кимдерди кубанта алдым?..

Кимдерге жакшымын деп,
Кимдерди айта аламын?
Кимдерге алаксып мен,
Кимдерди байкабадым?..

Кимдерге өгөй болуп,
Кимдерге жакын болдум.
Кимдерге да бир сөрөй,
Кимдерге акын болдум?..

Кири жок ак жүрөктү,
Кимдерди жыйнай алдым?
Кимдерге далым салып,
Кимдерди сыйлай алдым?..

Кимдерге күнүм түшүп,
Кимдерге бийик болдум?
Кимдерди сыздатып мен,
Кимдерди сүйүп койдум?..

Кимдерден көңүл калып,
Кимдерден тажабадым?

Кимдерди жоготуп мен,
Кимдерди таба аламын?..

Кимдерден алыс болуп,,
Кимдерге эзилемин?
Кимдерден унутулуп,
Кимдерге кезигемин?..

Кимдерге өтө берген,
Кимге жакпас жоругум бар?
Кимдердин жүрөгүндө,
Ким деген орунум бар?!..

*17.12.2016*
*03:26*



# БААРЫНАН КӨҢҮЛ КАЛГАНДАЙ

Үрөгөнүн көрдүм канчанын,
Үзүлчүү бир күн алчамын.
Жашабай жатып жарым жаз,
Жашаштан жаман чарчадым.

Тирилик жүрүп дүйнөдө,
Тигилип карайт дүйнөмө.
Үстүмө чарчоо оронуп,
Үйдө эле жатам үйдө эле.

Оорулуу турбас жандардай,
Ойлорго минтип чайналбай.
Башкача өмүр кечсемби,
Баарынан көңүл калгандай!..

Үрөгөнүн көрдүм канчанын,
Үзүлчүү бир күн алчамын.
Жашабай жатып жарым жаз,
Жашаштан жаман чарчадым.

*5-июль, 2017-ж.*

## АЯГЫЛА

Ишенбей айтканыма асылгыла,
Издеген жылуулукту жашыргыла.
Жетелеп ансызда мезгил барат,
Жемелеп жерге эрте батыргыла.

Жарылам жакшылап эшиткиле,
Жан дүйнөм кароосуз эшикпи не.
Чөмүлүп жыргасам жакшыларга,
Чөйрөмдүн жолдорун бекиткиле.

Жамгырды жалынга сеппегиле,
Жакпасам жанымдан четтегиле.
Көңүлүм ансыз да урап жатат,
Көөдөнгө анчалык теппегиле.

Тийишпей кайыктын калагына,
Тизелеп жыгылсам таягыла.
Мезгилдин зарына туна бербей,
Мен керек болсом чын аягыла!

# БААРЫНАН КӨҢҮЛ КАЛГАНДАЙ

Үрөгөнүн көрдүм канчанын,
Үзүлчүү бир күн алчамын.
Жашабай жатып жарым жаз,
Жашаштан жаман чарчадым.

Тирилик жүрүп дүйнөдө,
Тигилип карайт дүйнөмө.
Үстүмө чарчоо оронуп,
Үйдө эле жатам үйдө эле.

Оорулуу турбас жандардай,
Ойлорго минтип чайналбай.
Башкача өмүр кечсемби,
Баарынан көңүл калгандай!..

Үрөгөнүн көрдүм канчанын,
Үзүлчүү бир күн алчамын.
Жашабай жатып жарым жаз,
Жашаштан жаман чарчадым.

*5-июль, 2017-ж.*

## АЯГЫЛА

Ишенбей айтканыма асылгыла,
Издеген жылуулукту жашыргыла.
Жетелеп ансызда мезгил барат,
Жемелеп жерге эрте батыргыла.

Жарылам жакшылап эшиткиле,
Жан дүйнөм кароосуз эшикпи не.
Чөмүлүп жыргасам жакшыларга,
Чөйрөмдүн жолдорун бекиткиле.

Жамгырды жалынга сеппегиле,
Жакпасам жанымдан четтегиле.
Көңүлүм ансыз да урап жатат,
Көөдөнгө анчалык теппегиле.

Тийишпей кайыктын калагына,
Тизелеп жыгылсам таягыла.
Мезгилдин зарына туна бербей,
Мен керек болсом чын аягыла!

## 93 МЕНЕН 16 САНДАР

Тамчымдан эмне көл боломунбу,
Тагдырдан минтип көр боломунбу.
Жаштыгым сага тойо элек кезде,
Жашабай жатып нөл боломунбу?!

Отузга жетпей кубулөмүнбү?
Ой - максаттан түңүлөмүнбү?
Өзөктүн чирип тамыры кургап,
Өмүрдөн эрте сүрүлөмүнбү?!

Мезгилдер менен жарышпаймынбы?
Мен сүйгөн жандан алыстаймынбы?
Аманат болгон сырларды бир күн,
Апама баарын табыштаймынбы?!

Бактылуу күндөр табыласыңбы,
Баракка кайра жазыласыңбы.
93 менен 16 сандар! (.....)
Токтосо жүрөк жабыласыңбы?!

## АЛП САПТАРЫ ЧУРКАП ЖҮРӨТ

Жыргалды берсе эмне баардыгына,
Жыгылды көздөн жашым жар кырына.
Кууραган тамырлары АКЫН көрдүм,
Кудай ай!.. эмне болгон тагдырына?..

Куюн-чапкын, бороон күн бет келиптир,
Кудайдын сыноосуна эрк бериптир.
Бар өмүрүн ырларга арнап коюп,
Баса албай буттары чектелиптир....

Көр дүйнөнүн ар түрлүү адамдары,
Кезигет, жакшысы да жамандары.
Бизге окшоп күнөө жол баспай жүргөн,
Бир чети эң бактылуу тамандары.

Ырларынан көөдөнгө ыргак түнөп,
Ысыды ошол замат муздак жүрөк.
Алп саптары чын эле күлүк экен...
Аргымактай чаң салып чуркап жүрөт.

Жыргалды берсе эмне баардыгына,
Жыгылды көздөн жашым жар кырына.
Кууραган тамырлары АКЫН көрдүм,
Кудай ай!.. эмне болгон тагдырына?..

*21-май, 2016-ж.*

## ӨЧПӨСҮНЧҮ

Айтчы кантип жашырам ыргагымды,
Анык ушул деп түшүн, жыргалымды.
Сезимдерге кош канат болот десем,
Сен мага өчүр дейсиң ырларыңды...

Үшүтүшсө чыйрыктырып ызгаар-муң,
Үмүтүмө кереги жок муздардын...
Бир кездеги артта калган сүйүүмөн,
Билем ооба чындыгында кызгандың.

Өзүң мага ыр болуп келбедиңби,
Өрттөйсүңбү кош жарак эрмегимди.
Кара терим агылып араң тапкан,
Кайда таштайм катылгыс эмгегимди.

Мен жетпеген тээ тиги көктөсүңбү?
Мени десең маанайың чөкпөсүнчү,
Менден калаар эртеңки изим ушул,
Мен өчсөм да, ырларым өчпөсүнчү.

*8-декабрь, 2015-ж.*

КОЛ БУТУМДУН ҮЗҮЛГӨНЧӨ
ТАМЫРЫ,
КОРГОП БЕРЕМ АТА-ЖУРТТУН
НАМЫСЫН.



# КЫРГЫЗ ҮЧҮН

Керек дайым кайрат мүнөз, күчтүүлүк,
Кейигенде пайда чыкпайт үшкүрүп.
Чоочун жактан жалын басса тоолорду,
Чок тиштейин, кыргыз үчүн тиш күйүп.

Кылычтын да курч мизинен тайбаган,
Кыз болоюн Курманжандай кайрадан.
Тикен толгон жолду басып өтөөрмүн,
Тилимдеги ырым менен сайраган.

Кыргызым сен, сатылбаган дарымсың,
Кыйналганда көздөн учаар жанымсың.
Кол - бутумдун, үзүлгөнчө тамыры!...
Коргоп берем Ата-Журттун намысын.

Кол - бутумдун, үзүлгөнчө тамыры!...
Коргоп берем кыз-келиндер намысын!!!
*08.12.2015*

# МИЛДЕТ

Оңой эмес талант жүгүн көтөрүү,
Ооба чындык ушул күн да кетээри.
Улуу элдин уюткусун чачпаган,
Улутумдун улуулугун барктаган.
Учугумун Каныкейдин кечээги...

Мекен десе жан боломун жүгүрчү,
Маңдайыман терлер агып ийилчү.
Энекемдин жомокторун жаттаган,
Эч убакта ар намысын сатпаган.
Элесимин Курманжандын бүгүнкү.

Тоо ызгаарын тоготпогон Аркармын,
оодой ойду томук башта чайкармын.
Абалкынын абийир соту эңилбес,
Ак найзанын айбатына жеңилбес,
Дал өзүмүн Жаңыл Мырза, Сайкалдын.

Калкым сенден табамын ырысымды.
Кайрак болуп мокотпой кылычыңды,
Кандай күн болсо да туруп берем,
Кан жанымды кааласаң суурул берем.
Сүйгөн үчүн мен КЫРГЫЗ улутумду.

Арзыган күндөр келсе учурума,
Айла издебейм азаптан кутулуума.
Көк арчалуу бешикке бөлөп энем.
Көк жалдарын буйруса төрөп берем,
Айкөл Манас атамдын тукумуна!!!

*25.07.2016*

## ЧЫНДЫК ҮЧҮН

Байланбай көр дүйнөнүн казыгына,
Баш ийбей өкүмдарлар жазыгына.
Сөзүмдү тузга чылап өтөөрмүн мен,
Сөөк тешчү чындык үчүн башымды ура.

Калп сыйдын казанынан отту тартып,
Калкымдын көтөрөйүн жүгүн артып.
Кан болсун, Казы болсун, Улук болсун,
Качпаймын акыйкаттан жүзүм жалкып!!!

*9-май, 2015-ж.*

## СҮЛҮК КУРТТАР...

Кой уурдаса бир байкуш жемелейбиз,
Кумтөр кетип жатпайбы! -кенебейбиз.
Майып кылып Өлкөмдү бүтүрдүңөр,
Мааниси жок, керексиз денедейбиз.

Кетет бир күн мойну да курсак басып,
Кейип койбойт каткырып ырсакташып.
Каралбаган калкымдын түйшүгү ай,
Качанкы бир көздөрдөй чылпакташып.

Берген АНТЫ элине ооздо калкып,
Бир сөзүн он кайталап болду тантык.
Саны көп сапаты жок депутаттан,
Саат сайын иш кылган эшек артык.

Көкүрөктөн намыс - арды кулаттыңар,
Көлчүк болду туна албай булак сымал.
Биримдигин ойлобой калың журттун,
Бирин - бири жеп анан тынат булар!!!

*5-январь, 2015-ж.*

## КЫРГЫЗ СҮРҮ!!!

Кыргызым ким кыйшайтса Байрагыңды,
Кылычыңа даяр кыл кайрагыңды.
Сүрүң көрүп душманың безе качсын,
Сууруп алып жүрөгүн чайнарыңды.

Кыргызым ким булгаса Мекениңди,
Салгылаш кестирбестен этегиңди.
Кашык каның калгыча далилдегин,
Кан Манастын тукуму экениңди.

*28-декабрь, 2014-ж.*

# ЧАТКАЛЫМ

Туулган жер сенсиң менин ийикеним,
Тууруңан учуп куштай бийиктедим.
Кызыл от үйлөп чыккам очогуңдан,
Кылымдарды карыткан ыйык жерим.
Өмүр бүтсө койнуңа батыраарсың,
Өзүңө таандык менин жиликтерим.

Так түшүрбөйм жүзүңө тайып жолдон,
Татыбастыр көркүңө айып койгон.
Энелердин кош канат тилегиндей,
Эгиз тоолор этегин жайып койгон,
Ыйыгыңдан айланам куттуу жерим,
Ыдырыстай пайгамбар кайып болгон.

Миң шүгүр тоолуу жер айырмаңан,
Мен кантип сагынбайм айылды анан.
Меккеге да бербеген Жараткандым.
Момун калкка кут кылып дайындаган,
Жашап жаткан мен азыр Өрөөнүмдө,
Жанчар хан, Күлбөс ханың байырлаган.

Чоң үмүттү артышса элим самап,
Чокуларды көмчүдөй терим агат.
Тамыр ээрип, кан кургап калгычакты,
Тартам-тартам түйшүгүң тегиз карап.
Ата-Журтка татыктуу болсом деген,
Акыныңмын кызыл эт, темир канат.

*07.04.2016*

# АТА СЕНДЕЙ АДАМ ЖОК...

Аралашса ылай, сууга кээ күнүм,
Азабынан куткарса экен теңирим.
Бүтпөйм айтып сөзүм менен атаке,
Балдарыңа сенин чексиз мээримиң.

Жашып турсам кыялыма жеткирдиң,
Жаңыладың жыртылганын эскимдин.
Кара кызың, сени жыттап ойногон,
Карачы ата бой жеткенин эх чиркин.

Даамын татар бул өмүрдүн тузу миң,
Дагы далай көрүң жашоо кызыгын.
Инша Аллах мен атамдын буюрса,
Ийгиликтин тоосун ашаар кызымын.

Калкан болуп турмуштагы соккуга,
Кармап коюуң мүмкүн ата чокту да.
Тарбияңан көп нерсени үйрөндүк,
Тар дүйнөдө барды дагы, жокту да.

Жылыткандай нурун чачып күн мени,
Жыргалымсыз түгөнбөгөн үйдөгү.
Тирүүлүктө ата сендей адам жок,
Төрт айланып кыдырсам да дүйнөнү!!!

*25-февраль, 2015-ж.*

## ТААЗИМ КЫЛАМ АПАКЕ

Апакем, Апооу, асыл Апам,
Ар оюмду, кагазга жазып атам.
Арманым жок жашоодон өтөт элем,
Ардагым сен эч качан жашыбасаң.

Утсам экен тагдырыман жеңишти,
Сен бар үчүн кызык апа жер үстү.
Себелесин жамгыр төгүп күн чыкпай,
Сенин нуруң тийсе мага жетиштүү.

Жолуң улап каламың кармадымда,
Жүгүнөйүн сен тапкан таңдарыңа.
Себип кеткен үрөөнүң өнүп чыкты,
Сен себепсиң ыр жазып калганыма.

Толкун урган жээктеги көбүк сымал,
Тоолорумду көз менен өбүп турам.
Жалтанбаган эх сенин бир кездеги,
Жаштыгыңды өзүмдөн көрүп турам.

Таманымды тикенге чөгөрөмүн,
Ал менин тагдыр сынга жөнөгөнүм.
Ыйыгым өзүңө тең сөз таба албай,
Ырым менен, алдыңа чөгөлөдүм!!!

*7-январь, 2015-ж.*

# ЧЫН

Мээримдердин мээримин төгөөрүмсүң,
Мени дайым колдоочу жөлөгүмсүң,
Бул өмүрдөн өткөнчө тизе бүгүп,
Буйругуңдун баарына көнөөрүм чын...

Аруулантткан дүйнөмдү, жарыгымсың,
Арзып тапкан ырымдай кадырымсың,
Сен турмушта эч качан ооруй көрбө,
Сенсиз калсам үзүлөт тамырым чын.

Кечириңиз боло албасам оюңуздай,
Кемийт өмүр басып өткөн жолубуздай.
Кокус сынса көңүлүм сактап калчуу,
Кол көрбөдүм сиздин АПА колуңуздай!!!

*24.09.2015*
*05:58*

**ЖАЛП ӨЧКӨН ӨМҮРЛӨР**
**ЭСТЕ ДАЙЫМ,**
**ЖАШООДОН СУУРУЛУП**
**ЭРТЕ КЕТКЕН.**



## ТААЛАЙБЕК БЕКТУРГАНОВГО

Оргуштасын ооздон агып таамай кеп,
Оо, калайык оюмду угуп баалай кет.
Тагдырынан канча азапты чексе да,
Талант менен ташты жарган Таалайбек.

Ырларына моокум канбай суктанам,
Ыр булагын далай жандар ууртташан.
Жан киргизген "Гитаранын" кылына,
Жалпы журттан сендей жанды укпагам.

Тагдыр сенден аянгансып марттыгын,
Бир жарк этип кайра чыкпай батты күн.
"Таарынба"-деп "Назиранды" боздотуп,
Таалай болуп жаңыра албай катты үн.

Таанымдарда сый көтөрүп бүт аалам,
Тагдырына балта чапкан ичи арам.
Сезимдердин аскасына жете албай,
Сени жоктоп боздоп турат "Гитараң"...

Кантип сенин ырың койсун бааланбай,
Кайда кеттиң дареги жок шамалдай.
Канча жандар туурап сени жүрсө да,
Катыгүн ай, эч боло албайт Таалайдай.

Отуз жаштын босогосун аттабай,
Оо дүйнөгө кете бердиң жаш Таалай.
Элесиңе, эмгегиңе таазим деп,
Элиң сени колдоп турат таштабай.

Камчыга сап жигиттердин бири эле,
Кайталангыс кайрыктардын пири эле.
Кылымдарга өлбөс кылып Таалайды,
Кыргыз үчүн төрөп берген бир эне.

*4-май, 2015-ж.*

# АЙЛЫҢАН ӨТКӨН САЙЫН...

Кайраным, кайран акын, жакшы адамым,
Кандай сонун ыр эле баштаганың.
Баш каталбай сенин сунган тилегиңе,
Байырлабай сен ачкан жүрөгүңө,

Бар эле да, ал кезде, башка адамым...
Акын элең мен билген абдан күчтүү,
Анык көрдүм кууураган таңдан күздү.
Ойлор мени туш-туштан талап атты,

Окуп алып сен жактан "Кара катты",
Оюп мээмди үстүмө асман түштү!..
Бир канаты сынгандай Каркыранын,
Бийик жерден куладым кансырадым.

Уккандарым бүт баары жалган дедим,
Уланып айтылбай калган кебим...
Узаак мүнөт бозоруп калтырадым...
Тасма болгон күндөрдү элестеттим,

Тар дүйнөдөн суурулуп сен эх кеттиң.
Азабыңды тең бөлүп жутсам дагы,
Абалыңды өзүңдөн уксам дагы,
"Аскар" жигит айыгып кетет депмин.

Бөлөк жандар өзүңдөй толуктабай,
Бөксөрүштү ырларым соолуп далай.

Ар сабымды ардактап, акын кылып,
Арасынан көптөрдүн жакын кылып,

Жүрдүң беле кыйналып ооруп далай.
Кир дүйнөнү жышсак да жашыбызга,
Ким билет кандай күн башыбызда.
Баарысын кайрадан тосуп чыктым,

Барактап ырларыңды окуп чыктым...
Башкача сый калыптыр катыбызда.
Кош деген сөзгө кантип көнүп айтам,
Коңур үндү кош сапка өрүп айтам.

Акынды азыр жоктоп тургандары,
"Апасы, жакындары, туугандары".
Ар бириңе аргасыз көңүл айтам...
Эми мен ак жамгыр төккөн сайын,

Эми мен ак шамдар өчкөн сайын.
"Аскардын ырларын" улам окуйм,
Ар дайым сага атап куран окуйм,
Айлыңан жол жүрүп өткөн сайын.

*2016 Октябрь*

# КЕЧЕ ЭЛЕ БАР ЭЛЕҢ ГО...
## *(калемдешим Каниетке)*

Башкача бир өзгөчө жан элең го,
Батып турган күн эмес, таң элең го.
Кайгырып жоктошту жакындарың,
Кайда кеттиң? -кече эле бар элең го.

Атаң турат түшүнбөй көйгөйүңдү,
Апаң турат кучактап көйнөгүңдү.
Агаң менен ый жутту карындашың,
Асылдарды арманга көмбөдүңбү.

Коштошуу ырлар жазып барагыңа,
Коюпсуң сырың ачып каламыңа.
Ээх Каниет! -Элиңден эрте кетип,
Эне-атаңды зар кылдың карааныңа.

Калкып турган капкара булуттабыз,
Карап турсаң керек ээ туруп алыс,
Элесиң жашап жүрсө ырларыңда,
Эми биз кантип сени унутабыз?!..

*13-октябрь, 2015-ж.*

# ТӨРТ САПТАР

Көзүм ооруп, көңүл соолуп,
Жаңы ыр жаздым.
Чынын да кечиримден, чыгарган чечимимден.
Жаңылбасмын.
Мезгилге көнө албасаң, мээримиң төгө албасаң.
Эмнеге жакындаштың?..
Бир кезде кайтам дебе, бир сырым айтам дебе.
Мен кайра табылбасмын!!!

* * *

Тагдырымды женем деп муштай бердим,
Таңдайымды найзага туштай бердим.
Кагылайын ата-энем силер учун,
Кайрылбаган канаты куштай келдим.

* * *

Жүрөктөгү сөздөрдү төгүп койдум,
Жүрөгүңдү жүзүңдөн көрүп койдум.
Сен уйкудан ойгонуп окуганда...
Мен уйкуда боломун өөп койгун.;)

* * *

Алмаштырдым уйкум качып күн-түндү,
Адам көрдүм аз жашоодо миң түрлүү.
Арна мага бүт өмүрүң дебеймин,
Аз мүнөткө көрсөм болду күлкүңдү.

Акылымды арбап турсаң жарыктык,
Анан сени сүйбөй койуу мүмкүнбү?!

* * *

Сени менен коштолсо дейм ар таңым,
Сенсиң менин найза, кылыч, калканым.
Махабатым күчөй элек кезинде...
Мага жаккан сенден мурун "Калпагың".))

* * *

Мезгил сен, булут белең, өткүн белең,
Мен сыйлаган жакшылар эркиң менен.
Сыдырылып дүйнөмөн бараткан соң...
Сырдашкым келбей калды эч ким менен.

* * *

Жактын мага, ооба сен жагып калдың,
Жаштыгымдан бир үзүм алып калдың.
Көп күлүктөн топ жарып чыгат десем,
Көлөкөмдөй артымда калып калдың!..

* * *

Сендейлерди аалам кезип издеймин,
Сендей жандын сезимдерин сиз деймин.
Китеп кылып жаза турган оюм көп,
Кимге киммин?.. өзүм дагы билбеймин!..

# АСЫЛ ОЙЛОР

*"Аларда бар нерсе менде жок, менде бар нерсе аларда жок"!.. бул турмуштун теңдемеси.*

*"Канатын аскаларга кайрылбай, аскалар канатыңа кайрылсын".*

*"Мен жашоодо эч нерсеге таң калбайм, анткени алар ал нерселер негизи ошодой болмок".*

*"Кокустан кийимим булганганда тазалап алгам, бирок көңүлүмдүн булганган жерлери тазалана элек.*

*Жарыктан караңгыны, караңгыдан акты тапса болот"...*

*"Ишенем деген сөздү айтыш оңой, бирок ишенимдүү болуш кыйын".*

*"Даанышман адам баарын түшүнө алат, бирок баары эле даанышманды түшүнө бербейт".*

*"Сага айтылган ар бир сөзгө татыктуу бол, анткени ал сөздөр кайра кайталанбай калышы мүмкүн".*

*"Сиз жашап жаткан бул күндөр, кимдир бирөөнүн тилеги болушу мүмкүн".*

*"Сүйүү жамгыр сыяктуу, өткүн сыяктуу келгенинен кеткени бат".*

## МАЗМУНУ

Бурулуштагы бурганак ойлор ........................ 3

КАЛКЫМА БАЯНДАДЫМ БАР СЫРЫМДЫ,
КАЛЕМ ТАМЫР, А КАНЫМ СЫЯ БОЛУП.

Кызыккандар ким десин ........................ 7
Айырмам эмне ........................ 9
Жалгыздык жана анын бөлмөсү ........................ 10
Түшүндүрчү... ........................ 12
Сага эбак жолуксам не ........................ 13
Сүйүп калгам... ........................ 14
Шыбыр сенсиң ........................ 15
Тандооң ........................ 17
Кайталачы ........................ 18
Эх...! ........................ 19
Сезимдердин доктору ........................ 20
Ойгондум, ойлондум... ........................ 21
Жарык жан ........................ 22
Көргүң келип жүргөндүр ........................ 23
Дарегине бара бер ........................ 24
Кайрылыпсың ........................ 25
Учур чак ........................ 26
Ырда калган бактылуум ........................ 28
Кусалык ........................ 29
Балким мен ........................ 31
Эх жаным ........................ 32
Төрт болду ........................ 33
Көңүлдү бурдуң ........................ 35

Кечиримин кеч эми........................................................ 36
Кандай жансың?!.............................................................. 37
Неге чалдың................................................................... 39
Түн сүйүүм.................................................................... 40
Канатсыз махабатым........................................................ 41
Үзүлгөн үмүттөр .............................................................. 42
Табышканда ................................................................... 43
Тагдырдан жеңилбегин.................................................... 44
Жүрөктөн жоготконум ..................................................... 45
Бар болчу....................................................................... 46
Көрүнбөй пенделерге....................................................... 48
Өгөй күндөр .................................................................... 51
Баягы жерде турам.......................................................... 53
Азырынча унчукпайм...................................................... 55
Мен бүгүн ...................................................................... 57
Баркы бийик, ал мага...................................................... 59
Сен да мени .................................................................... 60
Конок болуп.................................................................... 61
Өзүмдү өзүм жоготоюнбу ................................................ 62
Ызаа............................................................................... 63
Жакшым менин................................................................ 64
Суктандым...................................................................... 66
Кат байладым.................................................................. 67
Элеттеги сагыныч............................................................ 69
Сырдаш көлүм................................................................. 70
Бактылуу бол................................................................... 71
Сени сүйдүм.................................................................... 73
Келет окшойт жакында.................................................... 74
Башкача орунда даражаң................................................. 75

**ТОЛООР БЕКЕМ БИЛБЕЙМИН СЫНЫҢАРГА,**
**ТОМСОРУП МЭЭРИМДЕРГЕ КУСА ЖАНМЫН.**

Окурмандарыма.......................................78
Эх курбум... ..............................................80
Кандай сын бердиң экен ................................81
Кусалануу... Эгизим Жазайымга! ......................83
Түшүндүм апа..............................................85
Чыйралайын ...............................................86
Керек эле ..................................................88
Кимдерге?.. ...............................................90
Баарынан көңүл калгандай...............................92
Аягыла.......................................................93
93 менен 16 сандар........................................94
Алп саптары чуркап жүрөт ...............................95
Өчпөсүнчү ..................................................96

**КОЛ БУТУМДУН ҮЗҮЛГӨНЧӨ ТАМЫРЫ,**
**КОРГОП БЕРЕМ АТА-ЖУРТТУН НАМЫСЫН.**

Кыргыз үчүн ...............................................98
Милдет.......................................................99
Чындык үчүн ..............................................100
Сүлүк курттар.............................................101
Кыргыз сүрү!!! ...........................................102
Чаткалым...................................................103
Ата сендей адам жок .....................................104
Таазим кылам апаке.......................................105
Чын .........................................................106

**ЖАЛП ӨЧКӨН ӨМҮРЛӨР ЭСТЕ ДАЙЫМ, ЖАШООДОН СУУРУЛУП ЭРТЕ КЕТКЕН.**

Таалайбек Бектургановго ....................................108
Айлыңан өткөн сайын... ....................................110
Кече эле бар элең го... ....................................112

**ТӨРТ САПТАР** ....................................113

**АСЫЛ ОЙЛОР** ....................................115

**Мырзайым Айтимбетова**

# БАШ ТАРТПАС ЖОЛ

*Ырлар*

Редактору *М. Усупбеков*
Корректору *Р. Изатова*
Мукабанын дизайнери С. *Асылкеримов*
Компьютердик калыпка салган
*Э. К. Талканов*

Басууга 23.08.2017 берилди. Форматы 60х84 1/16.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 7,5 б.т.
Нускасы 500. Заказ № 58.

"Мега Формат" басмасында басылды.